Сыры
И 85

Жийдегул Исакова

КУБАЛАШКАН КҮНДӨР

ЫРЛАР ЖЫЙНАГЫ

Скырг
И85

Жийдегул Исакова

КУБАЛАШКАН КҮНДӨР

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 485568

Ош, 2023-жыл

УДК 821.51-1
ББК 84 (5 К ир)-5
И 85

Исакова Ж.
И85 Куубалашкан күндөр: Ырлар.
Б.: Эконом принт. 2023 144 бет.

ISBN 978-9967-9477-1-9

Бул чакан чыгарма китеп сүйүүчүлөрдү ыр майданында жумурай жүртун жүрөгүнөн түнөк таап ички сезимдерди ыр саптар менен көрсөтүү жалпы журтчулука жан дүйнөсүн тартылоо максатында.

УДК 821.51-1
ББК 84 (5 К ир)-5
© Исакова Ж 2023

ISBN 978-9967-9477-1-9

ӨРГӨ КАРАЙ ЧАБЫТТАГАН ЧЫНЫГЫ ТАЛАНТ

Илгерки мезгилде жарым кылымдан бир кылымга тете убакытта доор алмашып, заман өзгөрүүгө кириптер болсо, учурдун тадабына ылайык бир доордон экинчи доорго өтүү закымдап заматта кубулжуп, жыл сайын өзгөрүү жүрүп, көз ирмечелик шуу деген өткөөл мезгилди баштан кечирип жатканыбызды таныл болбос.

Заман мынтип, опурталдуу учурду, оош-кыйышты жон тери менен сезип, ары-бери серпилген жашоого айланган кез.

Мындай катаал учурда, коомчулук интернет булактарына саресеп салып, компьютердик доор өз өкүмүн сүрүп, бийлеп турган чакта, чыгармачылык менен алектенүү, ыр жазуу өзүнчө бир түйшүк болсо, аны китеп кылып чыгаруу, окурмандарга жеткирүү андан өткөн ат көтөргүс түйшүккө айлангандыгын эч ким тана албайт. Ушундай кезеңде материалдык жана моралдык жактан кыйынчылыкка дуушар болгонуна карабастан, табийгат аруулаган асыл талантын бапестеп, көздүн карегиндей сактап, кымбат убактысын бөлүп-сарптап, ыр жазып, коомчулукту астейил өзүнө бурууБилген жанга барып турган баатырдыкка тете.

Кадыресе талант, шыктуу өңдөнгөн эле адамга жабыша бербейт. Бул ыйык-аруу сезимди бапестеп-барктап, бышытып жетилтүү чыгаан, тырышчаак чыгармачыл өнөр адамынын гана колунан келүүчү көрүнүш.

Ушундай тырышкан, өз эмгегинин өтөөсүнөн чыккан, улуулардын учугун улап, өз өнөрүн куру даңазалабай, асыл сөз сүртүмдөрүн ширелишкен ырларына кыптап, дээринде бар накта акындык даремети менен таанымал болгон нукура таланттардын бири Жийдегул Исакованы айткым келет.

Негизинен мен бул акын айым менен жакындан таанып эмес болчумун. Ырларын интернет булактардан окуп, терең таасирдүү

маниге ээ болгон сүртүмдөрүнө өзүмчө ичим жылып, көңүл буруп көбүрөөк окуй баштаганымда кудайдыгын буйругу менен таанышып калып, анын мурда жарыкка чыккан "Кут ширелген ыр сезим" аттуу китеби колума тийип, окуп чыккан соң, Жийдегүлдүн акындык дареметинин тереңдигине, окурманды таасирленткен табигый сырдуу-жандуу ырлары менен алдыда таанымал, белгилүү, ал эле эмес көрүнүктүү акындардын катарын толуктаарына, поэзия ышкыбоздорунун жүрөгүнөн түнөк таабарына, кыргыз адабиятынын көркөмдүк деңгээлин өнүктүрүп-жогорулата турган дагы бир асыл өнөр адамынын бар экендигине толук ынандым.

Жан дүйнөсүнөн ырга шыктуу жаралган Жийдегүл балакай кезинен эле акындык өнөр менен алп урушуп, ар кандай адабий ийримдерден тарта, жогорку деңгээлдеги ири көркөм чыгамрачылык иш-чаралардан калышпай, табийгат аруулаган талантына талыкпас эмгек-түйшүгүн айкалыштырып, ийлеп-жууруп, акындык өнөрүн кылыч мизиндей курчутуп-такшалып, бара-бара ырлардын идеялык маңызын тереңдетип, изденип олтурганына китеп колуна тийген, интернет булактардан окуган окурмандары өздөрү күбө болор.

Акындын бул жыйнагында мурунку ырларына салыштырмалуу ар-кандай жанрдагы тагдыр, лирика, сүйүү, патриоттук сезим, мезгил көйгөйү, ата-эне, ага болгон чексиз сүйүү, алардын кымабаттыгы, аруулугу, мээрими, жаратылыш сымал кооздугу ж.б.у.с. көптөгөн темадагы чыгармалрында кенен жана терең берилгендигин баалоого арзыйт.

Алсак: "Аялдар", "Атакем-апам сагынам", "Энелер бар болушсун", Жаштыгын жоготкон эне" сыяктуу ырларында балалыктын, өспүрүмдүн, жаштыгыктын баё сезимдерине байланган, өз учурунда барктай билүүнү этибарга албаган кезден, кийинчерээк турмуш жашоосунун агымына кагылып-согулуп, көз ачылган кезде барктоого кеч далалат урган учурду сүртүмдөп,

дүйнөдө теңдеши жок, "кымбаттардын эң кымбаты" болгон эненин оордун-салмактуулугун, баалуулугун баса белгилеп, насаат-сабак катары баяндаса, "Сени десем", "Жүрөгүмө дары болдуң", "Көөдөндөгү бурганак", "Баары менмин" дагы да көптөгөн лирикалык ырларында алоолоногон сүйүү сезимин, анын тереңдигин, дегеле сүйүүсүз жашоонун көрксүздүгүн, мүмкүн эместигин таамай көрсөтө билгендиги менен баалуу.

Негизгиси, анын ушул жыйнагындагы дээрлик ар-тараптуу чагылдырылган баардык эле ырларында, ачыгын айтканда мурункуга караганда көркөмдөө боёктор менен эле чектелбей, жүрөк түпкүрүндөгү ички сезимдерин ойготкон назик, жан дүйнөсүнүн чыгармачылыкка суугарылып, гүл сымал паркырап ачылып, ырлардын эстетикалык сапатын арттырып, өргө карай чабыттап, улуу көч менен баратандыгы даана байкалат.

Анткени ыр-саптарында жөн гана кайгы-муң, күйүт катары арман сезиминде, тек гана өзүн-өзү зордоп-кыйнап, буркан-шаркан түшүп, курулай кооздогонго аракеттенбестен жөнөкөй гана турумуш жашоосунан алынган жүрөккө жакын ыргактар менен берилип, анын баалуулугу ички туюмдун, акындык өнөрдүн таасирдүүлүгүндө, тамчыдан мукитке айланган маңыздуу поэзиянын жаралышында, саптарына ички идеясынын төп келишинде турат.

Ырларында, обончу-композиторлордун кубулжуган обондорду жаратуусуна жеңилдик берилген ыңгайлуулугун да көрө билүүгө болот.

Чынында адам өңү менен талант эмес, асыл өнөрүн арноо, чыгармачылыгын арттыруу, өркүндөтүү, аны окурмандын жүрөгүнө жеткирүү менен чыныгы талант экендигин тастыктай алат. Бул жагынан алып караганда Жийдегүл Исакова чыныгы, нукура талант. "Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар" сымал, анын дагы да

ачыла турган жагы, жай жаткан чыгармачылыгынын четинен чубурулушу али алдыда.

Жогорудагы жараткан эмгектеринен улам, келечеги кенен, кыргыз элинин сыймыгы болгон касиеттүү кыздардын бири экедиги анык.

Жийдегүл сага зор чыгармачылык ийгилик, дайыма курч, таамай жазылган алтын саптуу ырларың менен, окурмандардын сүймөнчүлүгүнө айланган кыз бол!

Элибизге, мекенибизге ак дилден кызмат кылып, Үлкөн салымдарыңды кошуп, талыкпас чыгармачыл чыгаан кыз аталып жүрө бер!

Сага болгон үмүтүбүз чон, сенден дагы-да ири темадагы чыгармаларды күтөбүз! Бар бол!

ТЫНЫБЕК СЫДЫКОВ.

Жазуучулар союзунун, Кыргызстан театр ишмерлер союзунун мүчөсү. Театр иликтөөчү, драматург, сценарист.

ЖИЙДЕГҮЛ ИСАКОВА

Жийдегүл Исакова, 1972-жылдын 6-май күнү Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун, Сузак районуна караштуу Барпы айыл аймагында жарык дүйнөгө келген.

Билими жогорку, кесиби мугалим. Ош мамлекеттик Университетинин Табият таануу факультетинин химия-биология бөлүмүн бүтүргөн. Мектеп жылдарынан жазган ырлары мектеп дубал гезиттерине жарыяланган.

"Аруу дүйнө" адабий клубунун жана ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАР бирикмесинин журналдарына ырлары жарык көрүп келет. "Ыйык тил", Алыкул Осмоновдун "Эстелик", "Алтын калем" жана "Сөз чебери" медалдары менен сыйланган.

Бир китептин автору.

"ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАР " адабий коомдук бирикмесинин мүчөсү. Бишкек тайпасынын координатору.

Учурда Бишкек шаарында жашайт, жеке ишкерлик менен алектенет.

КЫЯЛГА ЖЕТЕЛЕНЕМ

Жан дүйнө азыктансын,
жашоонун жыргалында.
Канаттар талыкпасын,
кайрыктар ыргагында.
"Селт" этип таңыркасын,
сезимдер кылдарында.
Жактырбайм жабыркашын,
жан күүсүн тыңдагыла.

Эң ыйык сырлар катам,
эч кимге билинбеген,
Серпилтип ырга салам,
сезимди бийик деген.
Жан дүйнөм жылый түшөт,
жамгырга дыбыраган.
Абаз үн уккум келет,
акырын шыбыраган.

Булуттар түрмөгүнөн,
бүүлүгүп жылышкансыйт.
Жүлүндөн дүргүп сезип,
жүрөктү жылыткансыйт.
Көнүлүм көксөгөнсүйт,
көрөңгө сыр уккансып.
Көөдөнүм көктөгөнсүйт,
көлкүлдөп ыр уккансып.

БАР ЭКЕНСИЗ

Бар экенсиз мен сизге таазим кылам.
Жан дүйнөңүз кең экен аалам сыйган.
Көрүп турам сый артып улам-улам,
көтөрүлгөн зоболо-баркыңыздан.

Сыйыңызга чын дилден ыраазымын.
Айтпас жерден ачылып сыр акырын.
Көнүп барам негедир, жүрөк жылып,
көз карашка бүркүттөй кыраакынын.

Улуулукка ак пейил эңилгендей,
Урмат-ызат от болуп сезилгендей.
Алып учат негедир сезимдерим,
аппак сүйүүм бир сизге берилгендей.

АК ЖАМГЫР

Ак жамгырга аралашып көз жашымды төккөмүн.
Билбептирмин бул жашоонун канча экени өлчөмүн?
Кыялдарга жетеленген түркүн-түстүү ойлорум,
сыр найзанын сыныгындай чачыратып өткөмүн.

Жамгыр сымал дыбырт-дыбырт, мен көнөктөп төккөмүн.
Жүрөгүмдө жагылган от, чокко салып өрттөдүң.
Келчи асылым, "шуу-шуу" искеп, жыпар жытка тоёюн,
мөөрүн баскан эң белгидей
жан дүйнөмдөн өчпөдүң.

Ак жамгырдай жууп салайын эски дартты калтырбай.
Татаал тагдыр азаптарын кайра баштан тарттырбай.
Жаратканга "шүгүр" дедим, сен жоолугуп бактыма,
калган сөздү түшүнөйүн көз караштан, айттырбай.

БАА БЕРЕМ

Байкап жүрөт, баасын толук берди ким?
Түйду кимдер жүрөгүңдүн кеңдигин?
Бар дүйнөмдү бир өзүнө арнайын,
бакыт үчүн күрөш менин эрдигим.

Жакшылар бар дайым мени жандаган,
жүзүңөргө таазим кылам, арбалам.
Сенин барың бакыт мага баа жеткис,
жан дилимден жүрөгүмдү арнагам.

"Болбосун"- дейм, жаңылыштык, каталык.
Күндөн-күнгө ак сүйүүдөн жашарып,
сезим таза, ниетибиз түз болсо,
кол кармашып турмуш жолун басалык.

САКТА КУДАЙ

"Күндүк өмүр, жорго мин түштүгүңө!"
Күндөр өтүп, көкүрөк үшкүрүүдө.
Татыктуудай жашагын бул өмүрдү,
так калбасын жүрөктүн түпкүрүндө.

"Күчтүүлөрдү ар дайым сыйлайт"- дешет.
Күйүтү көп көз жашты "ыйлаак"-дешет.
Алсыз болсоң мерездик жеңет сени,
андайларды "Кудай кур кылбайт"- дешет.

Жашайлычы үмүттү актагыдай.
Жакшы жандар жабыла жактагыдай.
Жаңылыштык... пендебиз, кечире көр,
жамандыктан суранам, сакта Кудай!

МЕКЕН ЧЕГИНДЕ

Мекенге кызмат өтөп таза жүрөк,
жаштыгын элге арнап жанын үрөп,
Кыргыздын чек арачы жоокерлери,
кайтарат чек араны күндөп-түндөп.

Душманга майтарылбай тик караган,
байыртан элде күчтүү адат калган.
Бабалар осуятын бекем тутуп,
жоокерлер намыс алган казаттардан.

Ата-Журт чегине бек азаматтар,
желегин желбиретип алыс жактан.
Мекенге калкан болуп эл четинде,
милдетин аткарышат талыкпастан.

Кайырма:

Өмүрү арнап элге!
Өнүп-өс, бийиктегин!
Ар дайым жоо бетинде,
арстандай жигиттериң!
Ант берип мекенине,
аткарат милдеттерин!

АКЫМ БАР

"Сага" деген жазып бүтпөс катым бар.
Санаа тартып сагынууга акым бар.
Ыйбаа кылып аруу, таза сезимдүү,
ыр арнаган сени сүйгөн акын бар.

Андай жылуу дем албадым башкадан,
ал сезимди аздек түтуп сактагам.
Ар көз ирмем сиз бар үчүн бактылуу,
аман болсун мен сыйлаган жакшы адам.

Жийде сындуу жыпар жыттуу атым бар.
Жалындаган орто курак жашым бар.
Мээрим күтөт, жүрөк жапжаш картайбайт,
мен сүйгөндөй сүйүүлүгө акым бар.

АТАМДЫ МЕН ЭСКЕРИП

Билем ата, жаткан жериң көрүстөн.
Билем ата, салты ошол, көмүшкөн.
Кантем ата, үнүм жетпейт, сагындым,
кана эми түшкө кирип бөлүшсөң...?

Келчи ата, жок дегенде түшүмдө,
Кээде ата бар дүйнөм бүт үшүүдө.
Көргөн кезде аталууну суктанып,
көздүн жашы көл-шал агат жүзүмдө.

Бийигимсиң, ата сени сагынам,
бир ооз айткан насаатыңа зарыгам.
Түш да болсо сени менен көрүшсөм,
түйшүк тарткан санаалардан арылам.

Кээде ойлойм, эмне анча күч келди?
Керек беле... өз жаныңдан кечкенди?
Акыл калчап аягына жетпедим,
ачуу ажал аралашып кеткенби?

Оо атаке, калдым мен да эр жетип,
өз киндигим каалагандай өз кесип.
Азыр мага мээримиңиз жетишпейт,
аттиң арман, түшүмдө кет кездешип...

Жүрөк сыздап сизди турам эскерип,
жүрсөң болмок апам менен тең шерик.
Аргасызмын, кандай кылам, ыйлайм да...
Ата, атоув... Ушул ырым эстелик!

ИЙИЛДИМ

Ак, кара аралашкан татаал дүйнө,
пендебиз, көтөрөбүз түйшүк түшсө.
Баёолук ээлеп алган жан дүйнөмдү,
үмүтүм артып келем жакшы күнгө.

Курч элем майтарылбас, сөзгө сынбас.
Морт элем ачуу кепке чыдап турбас.
Темирдей кызуу кезде ийилдим да,
эң сонун пейил таптым, артык кылбас.

Жашайын таза жүрөк, ак ой менен,
катарын толуктайын жакшылардын.
Айтайын жылуу тилек аябанбастан,
жан дүйнөм жайнап турса толук бактым.

БОЙДОК ЖИГИТ

Бой жеткенин ойлобой тентек жигит,
кыркка чыгып үйлөнгүсү келбейт жигит.
"Жакшы кыз жолугаар"- деп, камырабайт,
ойлогонун эч кимге бербейт жибип.

Кыздар аны карабайт "карт бойдок"-деп,
кээ бирөөсү аткарылбас шарт коет эх.
Кайда барса суроолуу көз караштар,
качырышып кетчүдөй сак болот эх.

"Жаш кезимди билинбей өткөрүпмүн,
жаштыгымды негедир көп көрүпмүн,
кайдан билдим кырк тарап келгенимде,
кыздар качып, алыстап жек көрүшүн.

Эх бойдоксуң, досторуң төрдө дайым.
Качат кыздар көңүлүн бөлгөн сайын.
Жапдаш сезип азыр да жүргөн менен,
кейий түшөт ак чачын көргөн сайын.

МЕНДЕ БАР АРМАН

Өмүрдүн тизмегине кирбей калып,
мендеги ошондогу бүтпөс арман.
Күүнөлөп тагдырыма не таарынып,
күтөмүн жакшылыкты ар бир таңдан.

Көөдөнүм көрүп, ыйлап мукактанат,
Жүрөктө ачыштырган күйүт калат.
Кайгынын чеңгээлинде калган байкуш,
кайрылбай туталанат, күйүп жанат.

Түйшүктүү тагдырыма таарынбаймын.
Жаркытып жалын оттой албырамын.
Күйүттөн күйүп жанса дилим байкуш,
ызамды чыгара албай кайгырамын.

Эх, менин ошондогу арманым ай...
Жаштыгым чалгысы курч, атаганат.
Эстесем ошол күндү ай, аттиң-ай,
кылгырып каректерден жашым тамат.

СОКУР ЭНЕ

Өскөнүн көрбөй уулумун,
көздөрүм көрбөй курудум.
Арадан канча жыл өттү?
Эр жетти мына кулунум.

Айтпадым эле ката кеп,
албады менден бата кеп.
Чоң шаарга кеткен каралдым,
келбеди кайра "апа" - деп.

Эр жеткен иштейт шаар жакта,
жетиштүү баары ал жакта.
Уулумдун азыр иши жок,
апасы кандай, кай жакта?

Кабарым алып чалбады,
баладай күйүп жанбады.
Арданат окшойт капыр ай,
"сокур" - деп айтат балдары.

Кантсе да балам барайын,
кабарын издеп табайын.
Үйүнө коёор киргизип,
үзүлбөс үмүт жагайын.

Кейиген кемпир күбүрөп,
баладан такыр түңүлөт.
Издеп бир келген шаар жакка,
ичинен боздоп күйүгөт.

Киргизбей үйгө "кетир"-деп,
кыйкырып "сокур кемпир" - деп.
Эшигин ачпай "кимсиң?"- деп,
сыздатты көөдөн эзгилеп.

Аргасыз кайтты үйүнө,
жатты го очок түбүнө.
Ак барак алып калтырап,
кат жазды кемпир үңүлө:

"Укпадың менин сөзүмдү,
уулума бергем көзүмдү.
Акыры дүйнө карачы,
айыпка жыкты өзүмдү.

Ошол көз жектеп өзүмдү,
жылуу жаш жууду өңүмдү.
"Каралдым өзүң"- деп жүрүп,
канча убак жашым төгүлдү.
Өз көзүм эми ушинтип,
өзүмө душман көрүндү.

Ойноок кез элең сен анда,
бир көзүң көрбөй калганда,
бергенмин сага көзүмдү,
оорутуп тагдыр салганда.
Сыздап бир эми олтурам,
өкүткө өзүм калганда".

Арманын жазып апаке,
кагазын эми бекитти.
Кош айтып жалган дүйнөдөн,
билгизбей узап кетиптир.

ХРАНЕНИЕ
Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 485568

"Апа" - деп сыздайт баласы,
армандуу дүйнө карачы.
Эчкирген менен пайда жок,
бүтпөстүр эми санаасы.

КУЧАГЫҢДА КУБАНАМ

Сезимдердин ааламында балкыткан,
кемедейсиң эрке термеп калкыткан.
Сен бар үчүн бактым бийик дайыма,
кереги жок сенден мага артык жан.

Сени менен бүтүн дүйнөм шаң болот,
сен жок болсоң кенен дүйнөм тар болот.
Эрип турат эт жүрөгүм элжиреп,
кыш ызгаарда жан дүйнөмдө жаз болот.

Кучагыңда аял сезим, барктадам,
эч бир нерсе сендей кумар тартпаган.
Сенин жытың, сенин таттуу сөздөрүң,
жалын болуп жүрөгүмдү каптаган.

КЫЗГАНАМ

Буулугуп сага жетпей ооруп турам,
Кызганам бирөөлөрдөн коруп турам.
Махабат толкундарын чогуу тоспой,
Үзүлгөн гүл сыяктуу соолуп турам.

Кайгынын чеңгелине батып улам,
Сүйүшкөн жандарды мен жоолуктурам.
Күн санап келишиңди күтөм жаным,
Тынч койбой жүрөгүмдү оолуктурам.

Жатсам дейм айлуу түндө кучагыңда,
Канатым кайрып койбо учаарымда.
Жалындап жүрөгүмдө жаша дайым,
Чогуу бол тагдыр берген сапарында.

КЫЯЛДАРЫМ

Уйку келбей кыялдарым жетелеп,
Эстегеним сен болдуң го эрте кеч.
Жашап келем орундалбас ой менен,
Жүрсөң болду дайым мага эркелеп.

Жалган жашоо түйшүк мени бийлеген,
Ким бар дейсиң күйүтүнө күйбөгөн.
Аркар өндүү аска зоодо жүрсөм да,
Адам болуп өтсөм экен дүйнөдөн.

Алым жетпей адамдыка көнгөнгө,
Ой чабыттап ак чардактай өзгөрсө.
Шугур айтып тооба кылам кудайга.
Жараткандан жакшы жашоо көргөнгө.

АТАКЕМ АПАМ САГЫНАМ

Соолуду менин тамшанып ичкен булагым,
Кош жылдыз силер коштошуп эми турамын.
Апакем кетти артынан атам узабай,
Апакем жаткан жайына сен да куладың.

Көрбөдүң апа балдардын жакшы ызаатын,
Көрбөдүң ата уулуңдан урмат кызматын.
Көрөөр кез эле кош айтып бизден узадың,
Калбады менде күчүм да көздө кубатым.

Ыйладык боздоп бооруңду ачпай мерезсиң,
Эстелик койдук башыңа апам билбейсиң.
Бозоргон турпак жашырып сенин денеңди,
Боздотуп кеттиң атакем менин сезбейсиң.

Үйлөрүм ээндеп толбоду кайра күлкүгө,
Алмашты үйүң кабырың болуп уңкүрдө.
Атакем, апам сагынсам кантип бара алам,
Алым да жетпейт жашымды кайра сүртүүгө.

БАКЫТЫМ СЕН

Билемин мен жашоодон жаңылбадым,
Таза кагаз сен элең жазылаарым.
Дептеримди саргайган айрып салып,
Беттеринен ак барак баштаганмын.

Азоо элем бой түзөп элге жакпас,
Ачуум келсе айтчуумун ичке катпас.
Ошол мүнөз күрч кездер өтүп кетти,
Байкай албайм өзүмдөн эч табылбас.

Сыноо келди тагдырым талкаланды,
Өстүрдүм го кор кылбай үч баламды.
Азыр эми өздөрү ата эне,
Апам дешип басышат бүт санаамды.

Жашоо деген карачы кандай агым,
Махабатта күйдүрөт жүрөк жалын,
Мен өзүмдү жаш кыздай сезип турам,
Кандай бакыт мен үчүн сенин барың.

БИЙИГИМСИҢ

Ырыңды окуп көнүлүм толкуп турду,
Бирөөлөрдөн өзүңдү коруп турдум.
Жалгызым деп жалооруп карааныңа,
Тынч жүрөгүм аттиң ай оолуктурду.

Тан эртеден өзүңө салам жолдойм,
Билесиңби ичимде арзуум толгон.
Арзуулашкан сезимдер табышса экен,
Бир өзүңсүн ишенген бийик ордом.

Элестетип жаш кылып жалындаттың,
Жүрөгүмө муздаган, нуруң чачтың.
Буюругу жараткан болду окшойт,
Турсан болду калкалап кабыланым.

ЖАШТЫГЫН ЖОГОТКОН ЭНЕ

Сыйкыр таяк таянган асыл энем,
Мени менен ойночу кечке дегем.
Сага эмне ? Кыйынбы ойнош дагы,
Секирели эне кел мени менен.

Эне сага врач да керек эмес,
Оорудум деп жамбаштап жатпаш керек.
Энеке кел ойнойлу бирге чогуу,
Жашоону да жакшыраак жашаш керек.

Эне эмне жоготтуңбу жаштыгыңды,
Суу түбүнө же шар аккан сууга кошуп.
Эне жүрчү табалы жаш чагыңды,
Берейинби жаштыгың гүлгө оролуп.

Жаштыгымды бергендейм небереме,
Ойлондум бир сөйөнүп кеменгерге.
Ах аттиң ай күш сымал зуулдайсын,
Жаштык күүсүн байкадым неберемде.

Карылыктын мезгили келген кезим,
Жаштыгымды өтмүшкө берген кезим.

ЖАН ДҮЙНӨМ

Жүрөктүн толтоосунан кылдар жарып,
Келээр күн өткөн күнгө ынак алып.
Мезгилдин сыноосуна ойлуу карап,
Баратат күндөрүбүз дастан жазып.

Тагдырлар бакыт менен байланса экен,
Жан дүйнөм майрам күнгө айланса экен.
Жарашып бактыбызга ушул жашоо,
Гүлдөгөн мекениме айланса экен.

Тагдырлар талкаланаар тастак жолдо,
Сыр түйүн чечилбестир сырдуу тондо.
Түрмушта жакшы адамдар жолдош болсо,
Сезимдер нурун чачаар бул жашоого.

КЫЯЛЫМДА

Жазгым келет түрмушумдун элесин,
Күчтүү деле акындардан эмесмин.
Көп далаалат кылам бирге сүзүүгө,
Акындардын поэзия кемесин.

Ой чабыттап сезим учуп толгоном,
Түн жамынып акын болуп ойгоном.
Сыноосу күч түрмуш жолун багынтып,
Кыялымда акынмын эл колдогон.

Бул жашоодо айтыламбы акын деп,
Угуп келем асылдардан накыл кеп.
Сөз берметин тандап кынап жазайын,
Кура аламбы асыл сөздөн алтын чеп.

ПЕШЕНЕСИ ПЕНДЕНИН

Жашоодо болот экен түрдүү тагдыр,
Баласын бапестеген ата бардыр.
Өстүрүп балдарын эр жеткире алса,
Аттиң ай "ата" - деген ыйык жандыр.

Көр оокат тиричилик башка түшкөн,
Казан аяк урушуп күндөр өткөн.
Бир күнү кетем деген аял үнү,
Жаңырып үй - бүлөгө күүсүн черткен.

Кой деди, кайда кимге барасыңар,
Тага журттан кантип абийир табасыңар.
Урсам да соксом да олтургула,
Өкүм сүйлөп ата деген айта турган.

Эне байкуш жанчылып орто жолдо,
Балдарын бек кучактап буркураган.
Атакеси урганда камчы кезеп,
Байкуш балдар чыдабай чыркыраган.

Күндөр өтүп аялы жолго түштү,
Балдар дагы ызылдап бир жөнөштү.
Апалаган балдарда эмне күнөө,
Атасынан кутулгандай өмүр өттү.

Ата калды жалдырап жалгыз үйдө,
Ойлонгондон башына туйшук уйө.
Жан жолдошу баягы арак болду,
Аял кетти уйунөн кимде күнөө.

Кызыл камчы мунөзү жаман эле,
Кээде сөгөт кээде катуу ураар эле.
Эне деген баарына кайыл болуп,
Канча азап тозогуна чыдаар эле.

Билинди го аялдын жок экени,
Кийими кир курсагы ач, ток экени.
Ата байкуш бир күнү кор болду го,
Аялы жок көрүнгөнгө кор экени.

Арак ичип тамтаңдап басып калды,
Уйгө жетпей астанага жатып калды.
Эх ошондо мурт кетти байкуш ата,
Ит улгуруп оозуна сийип калды.

Ушул тагдыр, чуусу көп адам үчүн,
Жараткан да энчисин берет күндүн.
Болгон эле окуя бир айылда,
Пешенеси пенденин миң бир түркүн.

УЛУТТУК АДАБИЯТ КҮНҮНӨ КАРАТТА СЫНАККА

ЭНЕ МЭЭРИМИ

Жалгыз там жалгыз көчө жалгыз эне,
Жашоочу Сейде эне жалгыз эле.
Бир күнү небереси ойноп келди,
Энесине эркелеп жатчу эле.

Сейде эне алдан тайган кези эле,
Ийнеге көзү жетпей олтурчу эле.
Ошондо жарык кылып бут ааламды,
Небереси жардамын берээр эле.

Нөшөрлүү жамгыр жаап турган кези,
Тамчылап тып тып тамып үйгө эми.
Кыйшайып бара жатты эски тамы,
Көз жетти кулап калат даана эми.

Сейде эне небересин колго алып,
Акырын сандык ачып ага салып.
Куласа куласын деп эски тамын,
Келмесин келтирди го жатып алып.

Көп ойлонуп небересин карап жатты,
Нөшөрлөгөн ак жаан жанга батты.
Эх кудай баламды аман сактагын деп,
Жазданып төшөгүнө башты катты.

Эненин эрдиги го көрдүңөрбү,
Байкуш эне небересин ойлоп жатты.
Бир замата үй кулады тарс турс этип,
Сейде энени басып калды эски тамы.

Эл келди ызы чууга аралашып,
Эненин сөөгүн алып, араң таап,
Сандыкты көтөрүшүп алып чыкты,
Тан калды ал сандыкты ачып алып.

Небереси мэмиреп уктап жаткан,
Ичинде сыр сандыкта, эле каткан.
Эненин мээримине терең таазим,
Сүйүнүштү небересин таап алып.

Ата эненин мээриминдей мээрим болбойт,
Уйго келсең, энесиз көнүл толбойт.
Жатса дагы моюн сунуп акка кулап,
Эне деген дайыма баланы ойлойт.

***

Жашымды сыя кылып жаза берем
Жазылган арман ыры баракгарга
Коштошкон күндү эстеп мукактанам
Жолдоймун ушул ырды дарагеине

Эх менин ошондогу кыял кечим
Эсимдесин эстечи сен ошол кечти
Унутуу кыйын болду жолугалы
Жагымдуу назик мүнөз бүт келбетти

Асылым келесинби сагынаарым
Жакшы соз бир өзүнөн табылаарым
Асылым сен да мени эстединби
Бактым үчүн бир өзүнө багынамын

КҮТТҮРГӨН СҮЙҮҮ

Кумары болуп сүйүүнүн балын таттырдың,
Жаңаша жүрүп ачыгын айтпай тартындың.
Күбөсү болуп ар бир күн алтын убакыт,
Сүйүүңдү неге алтыным менден жашырдың.

Түткүнү болдум түбөлүк тунук сүйүүнүн,
Чече албай жүрөм сыр сандык каткан түйүнүн.
Жараткан кудай сызмалап койсо тизмектеп,
Көрөбүз жаным келечек кандай бүйрүгүн.

Шуулдайт жүрөк сезгенсип далай жакшылык,
Күнүгө эмес айына үмүт арттырып.
Ишенип эми сүйүүмдү таптым дегенде,
Калбасаң болду тизгинди буруп бастырып.

Ишенич үмүт жашоомдун гүлү чырагы,
Гүлзарда гүлдөр аңкыган жытын бурады.
Сүйүүнүн даамы шireси таттуу бал экен,
Канбайт го деймин сезимдин наздуу кумары.

ТАГДЫР ЖОЛУ

Тагдыр жолго тамга басып койгон го,
Сен жашоону бурамын деп ойлонбо.
Байкуш болуп боор эзип жүрбөгүн,
Бороон озу сени күүп койгондо.

Жашоо татаал алды жагым болжолдо,
Кыйналаармын сыноо болор тар жолдо.
Тиргиликтен жүдөө тартам бушайман,
Тагдырыма таарынгандай болгондо.

Азоо элем тартып койду тагдырым,
Өссө өскөндүр түшпөй келет кадырым.
Кыйналсам да сыр алдырбай жашаймын.
Билген билээр жакшы адамдын бардыгын.

Жыгылганда туздөлөмүн бат ылдам,
Бирөөлөргө оордугумду салбагам.
Кээде туруп таң каламын негедир,
Бул замандын түпкүрү да бүт арман.

КЕЛЕСИҢБИ

Жашымды сыя кылып жаза берем,
Бүтпөгөн арман ырын баракгарга.
Коштошкон күндү эстеп мукактанам,
Жолдоймун ушул ырды кайра сага.

Эх... менин ошондогу кыял кечим,
Эсимде самай берем ошол кечти.
Унутуу кыйын болду келбетиңди,
Уялам билбей турам эмне дешти.

Асылым келесиңби сагынаарым,
Жакшы сөз бир өзүңдөн табылаарым.
Сен мени эстейсиңби жагынаарым,
Бакытым бир өзүңө багынаарым.

СИЛЕР БАРДА

Силер барда ойлорум тунук болот,
Силер барда баркым да бийик болот.
Силер үчүн жашайын өмүр берсе,
Силер менен заманым кызык болот.

Силер барда учамын сызып айга,
Силер барда кубаныч күлкү шаң да.
Силер менен мактанып баркталамын,
Силер барда күлпурам асыл жанга.

Силер барда сыянын сыры болот,
Силер жазган ырлардын пири болот.
Силерсинер көтөрүп баалай турган,
Саптар чыкса жүрөктөн көнүл толот.

ТҮШҮМДӨСҮҢ

Уйку соодо чабалактайм түндө мен,
Кирип турдуң түштөрүмө күндө сен.
Үн алышып, үркөр менен сырдашам,
Тұн жамынып, сезим үчүп түйшөлөм.

Сайма саям ,аруулукта күндө мен.
Күтүп келем, түшүмдөсүң күндө сен,
Айыптуудай ачуу сезим айтылды,
Эт жүрөктү эзип коюп жүрбө сен.

***

Күн жүрүшү бүткүчөктү көнүлдөр,
Шайыр күлкү, кубанычтар куурчасын.
Шаңга бөлөп шаңкылдаган күлкүлөр,
Жоготпосун эки жүрөк турпатын.

Жакшылыкты бирге тосуп туралык,
Шарап куюп гулдөн белек суналык.
Кубулжуган куунак жашоо жар болуп,
Артта калсын санаа менен кусалык.

САЯПКЕРИМ

Жүрөгүңдү сезбептирмин саяпкерим,
Өткөндү эстеп азыр сени аяп келдим.
Жаман айтпа, жыкпа айыпка күнөөлөбө,
Тарбияны бир өзүңдөн алат келгим.

Калемимди ыр жазууга камдап келген,
Ойлорумду бир багытка таптап берген.
Чыкса экен деп алга карай арабыздан,
Сиз болдуңуз ыр дүйнөгө баштап келген.

БАКЫТТЫН КУШУН УЧУРДУК

Эстесем сени буулугуп турат көмөкөй,
Биз жүргөн күндөр сезилчү эле жөнөкөй.
Бакыттын кушун учурдук окшойт байкабай,
Кыялга баткан ойлорум такыр бөлөктөй.

Көнүлүм супсак картая түшкөн өңдөрүм,
Чырмашып чыкпай буулуккан сындуу санаадай.
Бактылуу күндү бапырап жайнап күтчү элек,
Биз күткөн бакыт болчу эле бизге баладай.

Сапарлаш болуп катарын бүзбай учалы,
Сагыныч бийлеп сагынып биз да туралы.
Алыс деп сезем өткөргөн чогуу күндөрдү,
Эсимден кетпейт махабат назик кумары.

ЭСТЕЙМ СЕНИ

Эстесем сени буулугуп турат көмөкөй,
Биз жүргөн күндөр сезилчү эле жөнөкөй.
Бактылуу кезди кетирдик окшойт байкабай,
Кыялга баткан ойлорум такыр бөлөктөй.

Көнүлүм супсак картая түшкөн өңдөрүм,
Чырмашып чыкпай буулуккан сындуу санаадай.
Жолугуу кезин бапырап жайнап күтчү элек,
Биз күткөн бакыт болчу эле бизге баладай.

Сапарлаш болуп катарын бүзбай учалы,
Махабат бийлеп сагынып биз да туралы.
Алыс деп сезем өткөргөн чогуу күндөрүм,
Эсимден кетпейт махабат назик кумары.

СУЛАЙМАН ТОО

Сулайман ыйык тообуз кылым баскан,
Ырыскы касиети толкуп ашкан.
Жайгашып кереметтүү Ош шаарында,
Шаарыбыз көркүө бөлөйт асыл таштан.

Керилип көркүн жаят эл журтуна,
Айланып таазим кылат эл сыйына.
Ыйыктык тунуктугу баа жетпеген,
Жашайсың тубөлүккө, кылымдарга.

Көп элдер суктанышып тоого улам,
Көөдөндө нечен сырды катып турган.
Былк этпей баардыгына болот дабаа,
Сыйынат дүйнө эли укkан адам.

СЕЗДИҢ БЕКЕН

Менде болгон сезимди сездиң бекен,
Сага кетчү жолду мен кездим нечен.
Жараткандан сурандым дуба тилеп,
Келбесе да тынч аман болсо деген.

Кайрылбастан мезгилдер өтөт замат,
Барайын дейм бел байлап керип канат.
Маандайыңдан сылаган жел болсомчу,
Сезимдерим сур тартат атаганат.

Сездиң бекен, жүрөгүм сездиң бекен,
Сен кайрылчу кыя жол карап келем.
Кыйгач таштап кырымды жалтак карап,
Өзүң жакка көз салып өтөм нечен.

ЗАЛКАР АКЫН

Залкарлардын жүрөгүндө жашаган,
Элибиздин алп акыны атанган.
Дил байлыгы, тил байлыгы жуурулуп,
Ырларынан жан дүйнөлөр жашарган.

Улут түүсүн поэзияда көтөргөн,
Өз өмүрүн ыр дүйнөдө өткөргөн.
Кырчын курак кычыраган кезинде,
Оору менен алпурушуп көгөргөн.

Ай шооласын жарык тутуп жүрөккө,
Табиятын арнап аалам дүйнөгө.
Жазган экен төгүп ичте уюган,
Эргүүлөрүн багып жүргөн жүрөктө.

Акындарга болгон дайым чоң өрнөк,
Алыкулдай акын качан төрөлмөк.
Тирүүлүгү түбөлүксүз заманда,
Бар экен го бир жаралып, бир өлмөк.

Сыр камтыган ыр саптары түрүлгөн,
Нур чачырайт терең ойлуу жүзүнөн.
Кылымдарга элде калып элеси,
Таалим алаар жаш акындар сүрүнөн.

ОМОР СУЛТАНОВДУН ЭЛЕСИНЕ

Эл акыны, уулу болуу улуу наам,
Асыл наркын насибин качырбаган.
Кыргыз эли тааныган асыл адам,
Акындарга үлгү болгон Омор Султан.

Эмгегинде акын жашайт түбөлүккө,
Ыр саптары түнөк алып жүрөктөрдө.
Таланттуулар дайым эстеп таазим кылат,
Сезимдерде ыр жаралган мүнөттөрдө.

Алп атанып акындардын улугу элең
Акыл айтып дайыма тунугу элең
Кылымдарга калтырып өчпөс эмгек,
Кыргыздардан кыраан чыккан күлүгү элең.

БАЙКАБАПМЫН

Жүрөк байкуш кысылып ыйлап турдум,
Өткөн күнгө сызылып сыздап турдум.
Колумдагы бакытым барктай албай,
Онтоп, онтоп буулугуп чыгат муңум.

Жакшы күндөр чуурулуп учуп турду,
Түрмөктөлгөн ой санаа бурап турду.
Өткөндү эстеп сыздаган жүлүндөрүм,
Ак жүзүмдү жылуу жаш жуун турду.

Көптү көксөп көңүлдө жүрүптүрмүн,
Кыял менен өмүрдү сүрүптүрмүн.
Сен алыстап калганың байкабапмын,
Ичтен быштым, сен мени күйүктүрдүң.

ЖИЙДЕШ
(акро)

Ж
Жарашып махабаттын агымына,
Жанашып чогуу түштүк жалынына.
Жарыгы сезиминдин нурун чачып,
Жүрөктүн дары болдуң тамырына.

И
Имерип көңүлүмдү тартып алып,
Ийилип саламың түз обон салып.
Ич дүйнөм сага, ачык көрүнгөндөй,
Издедиң саптарында арнап жазып.

Й
"Й" - тамга сөз башында жок сыяктуу,
Йодтошкон сезим барбы деми таттуу.
"Й" - десек тилиң тишке тийбей назик,
"Й"- тамга сүйүүдө да жумшак жандуу.

Д
Дарамет махабатта бизде бирдей,
Дайыны түрмуш сыноо эч сезилбей.
Дайыма чогуу жашап жүргөндөйбүз,
Дагы эле жүрөктөр жаш эч билинбей.

Э
Экөөбүз чогуу жүргөн ар бир мүнөт,
Элестеп көөдөнүмөн тапкан түнөк.
Эмнеге жатсам турсам карегимде,
Элесиң кетпей кыйнап эзет жүрөк.

Ш
Шамалдай жеңил гана сылап өтсөң,
Шаң берет ич дүйнөмө сенин дүйнөң.
Шагында алма бактын булбул сымал,
Шайыр үн көңүл кошот назик күлсөң.

Нурмамат Жоробаев.
22.08.2022.

МЕЙЛИ ДЕЙМ

Миң рахмат көрө албас "тааныштарым",
Көйгөй менен ооруткан кадамдарын.
Силер барда мен дагы таанымалмын,
Көптөр билет мен өңдүү адам барын.

Жакшылыкты көбүңөн күтпөй келем,
Сабырымды бекемдеп түптөй берем.
Көрө албастар көлүнө чөктүрсө да,
Аянбадым жардамым бүтпөй берем.

Тийсе деймин жарыгым бийиктиктен.
Тилдин суугу жаныма тийип кеткен.
Өзгөнү эмес ,өзүн да тааный албай,
Кесирленип керкейет тилип эттен.

Жаман сөзгө бошошпой чыйраламын,
Жактырбаса кайгырып ыйлабадым.
Көрүнгөнгө асылган пейилдерди,
Калбады го мейли деп сыйлаганым.

24.08.2022.

ЖАШОО КЫЗЫК

Үмүттөрүм көөдөндө турат тунуп,
Акыл деген сөз улук, даана тунук.
Нурдай болуп чачырап сезимдерим,
Агарткансыйт күмөндүү ойду сүрүп.

Аппак таңда кааладым күндө туруп.
Ак тилектер кылт этип көнүл буруп.
Арман өмүр өтмүшүн сезген кезде,
Жашоо карайт кызыктуу өңүн буруп.

Бой бербедим жаштыгым узаганга,
Баргым келет кайрыгын улаганга.
Азоо турмуш кайрытпай канатымды,
Илбесе дейм илдеттүү тузагына.

24.08.2022.

ОРУН БАР

Жүрөгүмдү ээлеп алды, жоопсуз калган суроолор,
Бул жашоодо болуп турат күтүлбөгөн сыноолор.
Көз жумабыз канчасына, турмуш татаал орчундуу,
Сыноолордон өтпөй калган муң арттырган күнөөлөр.

Жүрөктөрдө жакшы сөзгө эбегейсиз орун бар,
Жаратканга канча жолу нааразы да болдуңар.
Жашоо татаал, көңүлдөргө кынап чыгаар сепилди,
Өздүк болуп өзгөлөргө оорун бербей койдуңар.

Жашап келем бул дүйнөдө мага деген орун бар,
Ар бир пенде өзгөчөсүң мына ошону билип ал.
Жаратканга кейибестен шүгүрчүлүк кылалы,
Тирүүлүктө бир бириңе жакшы сөздү сунуп ал.

СЕН ДЕСЕМ

Сени десем сезим турат жашарып,
Кетпесе дейм менден деги каталык.
Кайгылардын ченгээлинен бошонуп,
Махабаттын ашуусуну ашалык.

Мен азыр мурдагыдай болбой калдым,
Сүйүүнү калем менен сызбай калдым.
Болгонун ачык айтып сезимдерди,
Өзумдү бир өзүңө таанууладым.

Сүйүүбүз аппак кардай таза болсун,
Бакыт кушу орун таап бизге консун.
Бир жашап таттуу сезим татпасак да,
Сый урмат ортобузда бийик болсун.

Сүйүүлөр дарыядай агып турат,
Нур чачып шооласына жанып турат.
Сабырды түпкүрүнөн түптөй албай,
Чөгөлөп тизе бүгүп кулдук урат.

Сүрөткө жашоо берип сызбай калдым,
Сени эстеп кыял менен жүрбөй калдым.
Тажатып ак сүйүүнү албайын деп,
Кайталап бир сөзүмдү жазбай калдым.

КАРЕКТЕГИ СЫРЛАР

Үн сөзү жок көпкө тиктеп өзүңдү,
Ала качам чагылышса көзүмдү.
Келбей калсаң чалбай калсаң жоголуп,
Тоголонуп жаштар жүүйт жүзүмдү.

Кулаган жаш моюн ылдый куюлат,
Бороон өңдүү алып учуп куюндайт.
Кыялыма жетеленип ойлорум,
Асмандагы жылдыз болуп түюлат.

Бырчаланып ойлор кетти чачырап,
Каректерге сиңип сырлар катылат.
Аары жыттап гүл нектарын соргондой,
Таттуу сезим өз бактысын жашырат.

Магдыраган махабаттын дастанын,
Айткым келди бир өзүңө ардагым.
Сезим козгоп жүрөк байкуш кыйналса,
Дал ошону сезип билип жазгамын.

Арман болдуң азап болдуң сүйгөнүм,
Бүлбүл унгө окшойт сенин күлгөнүң
Айт алтыным ичиндеги сезимди,
Өткөргон соң арман кылып жүрбөгүн.

ЭРГҮҮ ЖОК

Тартыламын уяң тарткан жамалыңа.
Зар болдум го сенин тааныш караанына.
Чагылышып турган менен көздөрүбүз,
Түшүнүүгө кыйын болду абалыңа.

Сүйлөй албай тилим катып таңдайга,
Туруштук да бере албадым андайга.
Сезимдерим учуп турган чагы экен,
Ширин сөздү издеп жаттым жазганга.

Көзүм түшүп сүйлөштүк биз жөн гана,
Эргүүлөр жок сен жөнүндө жазганга.
Көнүлүмдө сен жөнүндө жазсам дейм,
Жазыш үчүн жашаш керек дайыма.

ЖАШОО

Оо жараткан неге мындай жараттың,
Жок нерсени бардай кылып саматтың.
Бут дүйнөнү үйүп алып колума,
Жашоо жолун, бейишти издеп баратам.

Бейиш жолу бейиш дейбиз дайыма,
Жалган дүйнө кээде тийет жаныма.
Аркы дүйнө бейиши бар чын болсо,
Өлүм жакшы, дебейт белек чынында.

Өмүр бүтсө жер кучактап жатасың,
Каймактанган кара жерге батасың.
Кеткен болсоң бул дүйнөдөн көз жумуп,
Билбейсиң го бул өмүрдүн катасын.

Бул дүйнөдө биз да конок кетебиз,
Жыйнап байлык түбөлүккө нетебиз.
Өлбөстүккө сээп үрөн койгондой,
Ойлонбойбуз кыял менен өтөбүз.

ЖҮРӨГҮҢӨ КИРГИМ КЕЛЕТ

Аралап жүрөгүңө киргим келет,
Актыгын сезиминди билгим келет.
Акылсыз кызганычтуу ойлорумду,
Акыры, жеңдимби деп, куугум келет.

Алтыным мага деген чынбы сүйүүң,
Ачыгын айтчы мага бурбай өңүң.
Ак маанай күлүп койсоң мен сүйүнөм,
Ак пейил сага деген түшүнүгүм.

Акылдуум, келишимдүү, сулуу айым,
Аппагым, таза гүлүм жаркырагым.
Айтканга сөз жеткирип тапкан менен ,
Ааламдан сендей гүлдү табалбадым.

Н. Жоробаев

ЭНЕЛЕР БАР БОЛУШСУН

Эне байкуш ыйлады,
Өз баласын сагынып.
Ыйлап жатты тынымсыз,
Баласына жалынып.
Келгин балам келчи дейт,
Боор басып алайын.
Аз да болсо убакыт
Жыттап моокум канайын.
Балам деген балада,
Жумуш болуп алыста.
Колу тийбей энеге,
Чакырганда барышка.
Тиричилик бүтпөгөн,
Өчпөс дастан болгонбу.
Жатып алып энеси,
Жалгыз уулун ойлонду.

Каймактанган кара жер,
Калтырбайт о эч кимди.
Бир күн кетем мен дагы,
Ач ажалга туш келсем.
Эстеп алып энеси,
Ыйлап ыйлап эчкирди.
Жанын сактаар эч ким жок,
Баары бир күн кетишет.
Көзүн көрбөйт ошондо,
Ак жүзүмдү калын эл
Топуракка бекитет.
Келгин балам келсеңчи,
Колун менен узатып,
Өз энени көмсөнчү.
Ыйлап жатып энелер,
Өз балдарын сагынат.
Карыганда көп ойлоп,
Карылыкка багынат.
Энелерди дайыма,
Сыйлайлычы барктайлы.
Карыганда алыстап,
Жандарынан качпайлы.
Мээримине бир балкып,
Энелерди жыттайлы.
Бул дүйнөдө энелер,
Бар болушсун бүт баары.

МЕЗГИЛ УЧАТ

Канча жол бар, канча өмүр алдыда,
Жөнө алдыга жарк деп күлүп алгын да.
Татаал жолдон талашпагын тагдырды,
Салба өзүндү куру жерден кайгыга.

Турмуш татаал сокмо жолдон курулган,
Күндөр өтөт арты артынан чубурган.
Мезгил менен учат менин күндөрүм,
Жаштык узап тентек кезим жоюлган.

Ак сүйүүнүн алкыш сөзү төрт бөлүк,
Өзгөрүлбөй өкчөөсүнөн өрттөнүп.
Бал тилиңе кошо барам чирмелип,
Өмүрүмдү сени менен өткөрүп.

СЫНАККА:

ЖЕТИ ДУБАН ӨНӨРПОЗДОРУ

Чогулуп жети дубан таланттары,
Желбирейт бийик туткан байрактары.
Ышкыбоз өнөрпоздор чогулушуп,
Жайылат алга карай канаттары.

Такшалып таланттуулар бизден чыкан,
Тыңшашып кыргыз күүсүн аалам укан.
Кубаттап алга карап бир бололу,
Женишке жети дубан бирдей чыккан.

Кубаныч тартуулаган жети дубан,
Ыр күүсүн талыкпастан угуп турам.
Урпагын улай берсин кыргыз көчтүн,
Өчпөсүн алгалай бер жетти дубан.

УНУТУУ КЫЙЫН БОЛДУ

Жоолугуп калдык мына,
Жараткан өкүм кылып.
Жалындап жаштык курак,
Турган го тагдыр буйруп.
Унутуу кыйын болду.

Сагынып жүрдүң бекен,
Өткөргөн таттуу күндү.
Эскерип уктуң бекен,
Обондуу ошол ырды.
Унутуу кыйын болду.

Жүрөгүм жарылчуудай,
Кокустан тиктей калсаң.
Күнөөлүү көздөрүмө,
Элесиң батпачуудай,
Унутуу кыйын болду.

Арнашып ыр жазганбыз,
Арноо кат жетпей калды.
Жоопсуз күндөрүм ай,
Далай күн эске салды.
Унутуу кыйын болду.

Белимди бекем байлап,
Бейкуттук жайлоосуна.
Кеткемин ошол кезде,
Кезигип калдың неге.
Унутуу кыйын болду.

Тагдырдан буйрук болуп,
Кезигип калдык неге.
Бир басып келеличи,
Биз жүргөн ошол жерге,
Унутуу кыйын болду.

Пешенең тырыш басып,
Картайган кезиң экен.
Баягы мен жактырган,
Нур жузуң кайда кеткен.
Унутуу кыйын болду

Көздөрүң карыбаптыр,
Щок ойноок ошол бойдон.
Жүрөгүң жалын экен,
Кыялың ошол бойдон.
Унутуу кыйын болду.

АК МӨӨР

Сүйүүнүн бийик тазасы,
Акмөөрдө гана болгон дейт.
Жашоодо жетпей Болотко,
Кайгыда өмүр сүргөн дейт.

Арзуусун айтып жаш кезде,
Армандуу күндөр өтүптүр.
Түбөлүк бирге боло албай,
Тагдырга алсыз көнүптүр.

Жаш кезден соолуп жаш чырпык,
Жаштыгын чалга арнаптыр.
Жантай чал өкүм жүргүзүп,
Өлгөнчө токол жандаптыр.

Жантай чал пейилин карматып,
Акмөөрдү бир күн алдаптыр.
Илгертен колдоп ээрчиген,
Куулугун эми жалдаптыр.

Беремин дептир Болотко,
Кабар айт дептир айылга.
Ак көнүл сымал көрүнүп,
Каары чыккан байында.

Түшүнө кирип жин шайтан,
Бугу эне келип айтты арман.
Жаштыгы кетип деми жок,
Жантай чал күйүт тартты арман.

Ажалга башы байланган,
Жантай чал кетти күбаттан.
Араңдан туруп оордунан,
Ак мөөрүн алдап жубаткан.

Ич деди берип кымызды,
Ичегиң бир аз жылытчы.
Ишенип Ак мөөр ичкенде,
Үн чыкпай алсыз жыгылды.

Жантай чал өлдү дедирип,
Болотко кабар бериптир.
Укканда Болот шашылып,
Акмөөргө учуп келиптир.

Армандуу жалган бул дүйнө,
Аргасыз кылды Болотту.
Каргаша толгон бул күндө,
Акмөөрдү Болот жоготту..

Күчактап жерди буркурап,
Уча албай канат быркырап.
Тагдырын карап док кылып,
Болоту калды чыркырап.

ЖАШ ЭЛЕК

Жаш элек го чачта бантик тагылган,
Форма кийип галустуктар жайылган.
Мектебимде бир күнүмдү эстесем,
Мээрим чачкан эже агайым сагынткан.

Ошондогу ойноок кыял сезимдер,
Щамал менен кошо учкан кезим мен.
Бир бүктөмө каттар келип окусам,
Уялынкы сөздөр эле терилген.

Ал убакта ыйман болуп жогору,
Ата энеге баш ийчүбүз оболу.
Элибиздин салт санатын аткарып,
Сүйүүдөн да намыс түрчү жогору.

УКЧУ

Ушак ээрчип артымда калбасын дейм,
Жаман сүйлөп таарыныч болбосун дейм.
Көөдөндөгү жалынга бороон уруп,
Чыйрыктырып үшүтүп койбосун дейм.

Муз ээриген илебиң табындабы,
Жүрөк байкуш байкатпай сагынганбы.
Кызуу кездер эсимен кетпей коюуп,
Сезимдерим буулугуп жалындады.

Булак акса үнүнө күлак түрүп,
Кубалашып улактай чуркап жүрүп.
Мезгил менен баралы катар басып,
Кайран өмүр өтпөсүн сапар уруп.

Артыбызда жакшы эле күндөр калды,
Мезгил кайрып дегдетип эске салды.
Катарыбыз бузулбай каркырадай,
Бирге учуп келели кайра дагы

31.02.2022.

ЭНЕ КАДЫРЫ

Тогуз ай толгоп төрөгөн,
баламдан урмат көрбөдүм.
Кез келсе таштайт көчөгө,
Ошол го менин өлгөнүм.

Энеке ыйлайт зыркырайт,.
арманы аттын башындай.
Көк түтүн чыгат көөдөндөн,
Тагдыры кургур ушундай.

Бозоргон кийген күрмөсү,
Боз тартып ичке үйлөдү.
Боз ала болуп көчөдө,
Буркурап эне жүргөнү.

Көчүгүн басып көк ташка,
Жүзүн жууп аккан көз жашка.
Жалдырап ичтен сыздады,
Бараргa таппай баш калка.

Кудайым колдоп бергени,
Боорукер адам жиберди.
Бейтааныш жигит көчөдөн,
Үйүнө баштап келгени.

Аялы тосуп жайдары,
Бир бөбөк чуркап энелейт.
Ээриген эне мээримге,
Эрэркеп ыйлап кетти дейт.

Баласын сындап айталбай,
Аянып турдуу байкуш ай.
Акыры чынын эчкирип,
Ачыгын айтты жашып ай.

Таш боор бала таптым дейт,
Таштанды жерге таштады.
Сөзүнө кирип аялдын,
Энесин чанып баштады.

Жакпаптыр эне келинге,
Кагып дейт силкип урушат.
Олтурчу кемпир дегенсип,.
Сөзу укпай аны курутат.

Үй ээси жигит акырын,
Сөз айтты "эне" - болунуз.
Суранам кетпей эч жакка,
"Апакем" - болуп калыныз.

Сүйүнгөн эне жаш алып,
Сурдөнүп барып токтоду.
Баш ийкеп салып шылкыйып,
Ыйлаган муңу токтоду.

Ырахмат балам асылым,
Өз баламдан жакыным.
батасын берип кол жайып,
Айтты го болгон алкышын.

Куту бар үйдөн жетилип,
Небере мына чоңойду.
уланып тойлор берилип,
Энеке байкуш оңолду.
Унутуп өткөн муң зарын,
Башкага эне оролду.

Тойдон көрүп энесин,
Өз баласы ээси ооду.
Ботодой боздоп үн катып,
Баласы эми кор болду.

Эми кеч айтса аттиң ай,
Кечикти эми ыйласа.
Көтөрөт кантип жер андай,
Эненин баркын түйбаса.

***
"" Жаратканым ынсап бер, кадырым бер,
Карыганда уялтпасын жаш келиндер.
Пародияда ыр болуп, күлкү болбой,
Жашоо өтсүн барк менен намысым бер.""
Н.Жоробаев

АЛТЫМЫШТАН АШКАН АКСАКАЛГА ПАРОДИЯ

Мен аксакал алтымыштан ашкан жашым,
Белде кубат азайып, күчтөн кайттым.
Жаш келинди дале жандап жүргүм келет,
Калса дагы бул жагына эчки жашым.

Мен карыя алтымыштан ашкан жашым,
Мээсин чукуп жаш айымга көзүм арттым.
Күбүрөнсө кемпирим алым жетпейт,
Келиндерге калбады ымдаганым.

Мен бир байкуш алтымыштан ашкан жашым,
Мээрими жок курту көп кайран башым.
Көөдөнүмдө ичим тар, көрө албастык,
Көз кыскандан калбады кирпик кашым.

АЖАЛ КЕЛСЕ

Ажал келсе, алп баатырың кулаган,
Бул заманда калган беле жан адам.
Дуушар болгон ач ажалдын жолуна,
Пендечилик акка моюн суналган.

Кудай жазат пешенеге болгонду,
Кимге насип, ошол тирүү ойгонду.
Ажал келсе адаштыруу кыйын го,.
Алып кетет колго түшкөн торгойду.

Өмүр бүтөт, жан бересиң дүңк этип,
Сынган талдай кулайсың сен мүрт кетип.
Кара жерге байырлашып акырын,
Жатаар денең жерде муздап сулк кетип.

Каймактанган кара жер
Калтырбайт экен эч кимди !!!

МЕЙЛИ ДЕЙМ

Миң рахмат көрө албас "тааныштарым",
Көйгөй менен ооруткан кадамдарын.
Силер барда мен дагы таанымалмын,
Көптөр билет мен өңдүү адам барын.

Жакшылыкты көбүңөн күтпөй келем,
Сабырымды бекемдеп түптөй берем.
Көрө албастар көлүнө чөктүрсө да,
Аянбадым жардамым бүтпөй берем.

Тийсе деймин жарыгым бийиктиктен.
Тилдин сүүгу жаныма тийип кеткен.
Өзгөнү эмес ,өзүн да тааный албай,
Кесирленип керкейет тилип эттен.

Жаман сөзгө бошошпой чыйраламын,
Жактырбаса кайгырып ыйлабадым.
Көрүнгөнгө асылган пейилдерди,
Калбады го мейли деп сыйлаганым.

24.08.2022.

ТАКАЛБАСЫН СЕЗИМДЕР

Коломтодой ыссык сенин делебең,
Кучак жайып, дайым ачык керегең
Кемий түшкөн көңүлдөрдү көтөргөн,
Кереметтүү кенен пейил жан белең.

Жүүрулушат жылуу сөзгө жүрөгүм,
Өткөн күндөр эске түшүп түтөдүм.
Жаркын жашоо үмүттөрү жылытса,
Бакыт күшу чындыгына күбөөмүн.

Тереңдеди ортодогу жылуулук,
Сактalса дейм урмат менен уулулук.
Тайыз жерде такалбасын сезимдер,
Жүрөгүмдө жашай берсин сулуулук.

УЛУУ ЭЛБИЗ

Элим менен сыймыктанам данктанам,
Үрп-адатын аздектеген, барктаган.
Берешендик, айкөлдүгү жагынан,
Тен келбейт го, кыргызыма башка жан.

Уламалап санжырасын калтырган,
Улуу элбиз, ар- намыстуу байыртан.
Жалындаган жүрөгүндө жалы бар,
Желбиретип көк асаба жайылган.

Ыраазымын кыргыз болуп келгенге,
Ак жоолукту башыбызга бергенге.
Ак калпагын бийик тутуп илгертен,
Уулдарына калтырышкан белекке.

Күттуу болсун кыргызымдын майрамы,
Ар убакта намыска бек балдары.
Кыргыз үчүн жаны кылыч үчүнда,
Улуу Манас урпактары андагы.

Кайда жүрсөм боор басам өзүңө,
Мактана алам кыргыз деген сөзүмө.
Биримдикте ааламды бүт багынткан,
Ынтымак бол, ыйык элим, бөлүнбө.

ОРУН БАР

Жүрөгүмдү ээлеп алды, жоопсуз калган суроолор,
Бул жашоодо болуп турат күтүлбөгөн сыноолор.
Көз жумабыз канчасына, турмуш татаал орчундуу,
Сыноолордон өтпөй калган муң арттырган күнөөлөр.

Жүрөктөрдө жакшы сөзгө эбегейсиз орун бар,
Жаратканга канча жолу нааразы да болдуңар.
Жашоо татаал, көңүлдөргө кынап чыгаар сепилди,
Өздүк болуп өзгөлөргө оорун бербей койдуңар.

Жашап келем бул дүйнөдө мага деген орун бар,
Ар бир пенде өзгөчөсүң мына ошону билип ал.
Жаратканга кейибестен шүгүрчүлүк кылалы,
Тирүүлүктө бир бириңе жакшы сөздү сунуп ал.

СЕН ДЕСЕМ

Сени десем сезим турат жашарып,
Кетпесе дейм менден деги каталык.
Кайгылардын ченгээлинен бошонуп,
Махабаттын ашуусуну ашалык.

Мен азыр мурдагыдай болбой калдым,
Сүйүүнү калем менен сызбай калдым.
Болгонун ачык айтып сезимдерди,
Өзумдү бир өзүңө таанууладым.

Суйуубуз аппак кардай таза болсун,
Бакыт кушу орун таап бизге консун.
Бир жашап таттуу сезим татпасак да,
Сый урмат ортобузда бийик болсун.

Суйуулөр дарыядай агып турат,
Нур чачып шооласына жанып турат.
Сабырды түпкүрүнөн түптөй албай,
Чөгөлөп тизе бүгуп күлдүк урат.

Сүрөткө жашоо берип сызбай калдым,
Сени эстеп кыял менен журбөй калдым.
Тажатып ак сүйүүнү албайын деп,
Кайталап бир сөзүмдү жазбай калдым.

КАРЕКТЕГИ СЫРЛАР

Үн сөзү жок көпкө тиктеп өзүңдү,
Ала качам чагылышса көзүмдү.
Келбей калсаң чалбай калсаң жоголуп,
Тоголонуп жаштар жүүйт жүзүмдү.

Күлаган жаш моюн ылдый куюлат,
Бороон өңдүү алып үчүп куюндайт.
Кыялыма жетеленип ойлорум,
Асмандагы жылдыз болуп туюлат.

Бырчаланып ойлор кетти чачырап,
Каректерге сиңип сырлар катылат.
Аары жыттап гул нектарын соргондой,
Таттуу сезим өз бактысын жашырат.

Магдыраган махабаттын дастанын,
Айткым келди бир өзүңө ардагым.
Сезим козгоп журөк байкуш кыйналса,
Дал ошону сезип билип жазгамын.

Арман болдуң азап болдуң сүйгөнум,
!бүлбүл унгө окшойт сенин күлгөнүң
Айт алтыным ичиндеги сезимди,
Өткөргон соң арман кылып жүрбөгүн.

ЭРГҮҮ ЖОК

Тартыламын уяң тарткан жамалыңа.
Зар болдум го сенин тааныш караанына.
Чагылышып турган менен көздөрүбүз,
Түшүнүүгө кыйын болду абалыңа.

Сүйлөй албай тилим катып таңдайга,
Туруштук да бере албадым андайга.
Сезимдерим үчүп турган чагы экен,
Ширин сөздү издеп жаттым жазганга.

Көзүм түшүп сүйлөштүк биз жөн гана,
Эргүүлөр жок сен жөнүндө жазганга.
Көнүлүмдө сен жөнүндө жазсам дейм,
Жазыш үчүн жашаш керек дайыма.

ӨМҮР КАЙТАЛАНБАЙТ

Карыткан пенделерди жылдар эмес,
Ишке ашпай өкүндүргөн армандары.
Көнүлү өксүп калган жандар көптүр,
Эсинде калаар балким тагдыр тагы.

Өмүргө өзгөрүүнүн кереги жок,
Өңдүүнүн бул заманга маанайы ток.
Өксүтүп, өмүр кайра кайталанбайт,
Өкүнтүп жашообузду биз койбосок.

Карайган кара дениз кош толкундар,
Бузулбай ирээтинен толкуп тураар.
Дениздей көк жайыкка мен да урам,
Тагдырым тизгинделип калган сымал.

АЯЛ

Тамаңанына бейишин каткан аял.
Ар азапка чыдап бир жаткан аял..
Перзентиңе өмүрүн арнап коюп
Төрөт кезде сөөгү сынган аял.

Бекемдиги сүйүүгө балбан аял.
Кордолсо да ,жылмайып женген аял.
Көз жумуп ,жакшылыгын көп артырып.
Койкондогон эркекти сүйгөн аял.

Уй күттуна ырыскы берген аял.
Жакшылыктын мөмөсүн терген аял.
Эри жатса көчөдө арак ичип.
Эрмегим деп ээрчитип жүргөн аял.

Түрмуш оттун өчүрбөй жаккан аял.
Жаиандыктан жакшысын тапкан аял.
Аял затты ,кол жеткис асыл затго
Ойлон жаным ,сени тапкан ошол аял.

ОШОЛ КҮН

Сагындым сени сагынты мени ошол күн,
Асманың толо жылдыздар жайнап ошол түн.
Бакытка балкып унутуп баардык кайгыны
Окшобой келет окшоштук таппайм бөтөн күн.

Сагындым сени санаага салып кеткенсиң
Күйүткө жанган күнөөлүү пенде экенсиң.
Күтөм го жаным келет деп бир күн ошол күн,
Уйкусуз түндү узатып барам нечен күн.

Сагындым сени жытыңды искеп алайын
Тынчтансын жүрөк оболу. анан тарайын.
Кур кыял менен үмүтүм күйүп күл болсо,
Чиркин ай өмүр айласын кантип табайын.

ШАМ ЧЫРАК

Шамчырак элен, шооласын чачып жарыткан.
Шамчырак элен ,түнгуюк ойдон арылткан.
Күүгүмду жарып ,жарыгы тийип ааламга.
Кымбаттым болдун, кылымга мени карыткан.

Шамчырак болуп, умутун оттун жандырдын.
Сагыныч батпай ,жүрөктүү байкуш кан кылдын.
Кыялап жургөн, мергенчи сымал өндонуп.
Периште болуп ,элестеп көзгө тартылдын.

Өмүрүм өттү, кубаныч шандуу күн менен.
Жалгыздык деген, бошотпой койду бой менен.
Чолпонум болчу, жалгыз бир жанган асманда.
Жашасын деймин ,кол жеткис бирок ой менен.

ОН ЖЫЛДЫККА

Максат менен калем таштап алдыга.
Жаш акындар чыгып келет дагы да.
Аруулаштар амандыкта жүрөлү,
Куттук айтам асылдарым баарыңа.

Жакшы ыр ,менен жан дүйнөсүн сугарган.
Жакшылардан аруу дүйнө куралган.
Жаш акындар тапталышып канчасы,
Түркүн талант өнүп өсүп тура алган.

Аруу дүйнө аруулаштын мекени,
Аты аталып акын болду кечеги.
Акын наамы ыйгарылбайт ар кимге,
Майрам кылып өткөрөлү кечени.

Көөдөнүнөн ырлар чыгып жазылган
Булак сымал , атып чыгып оргуштап.
Акындардан таамай сөздөр жазылган,
Журөгүнө толуп турган толкундап.

Өнөрлөрүн туу көтөруп башына,
Өргө чаап нечен акын шашыла.
Аруу дүйнө маарекесин ардактап,
Кел асылдар өткөрөлү майрамдап.

Ырларында тизилген сөз бермети,
Калкып чыкты таланттардын келбети.
Аруу дүйнө данкы кеткен алыска,
Акындарга дайым кубат бергени.

АЛТЫМЫШТАН АШКАН АКСАКАЛДЫН ПИКИРИНЕ ПАРОДИЯ

Мен аксакал алтымышка келген жашым,
Белде кубат азайып, күчтөн кайттым..
Жаш келинди дале жандап жүргүм келет,
Калса дагы бул жагына эчки жашым.

Мен карыя алтымыштан ашкан жашым,
Кеп кеңешти жаш келинге айтып жаттым.
Керип сүйлөп кемпирим күбүрөнсө
Келиндерге калбайт кирпик ымдаганым.

Мен бир байкуш алтымышка келген жашым,
Чачтар түшуп таз болгон кайран башым.
Жүрөк байкуш жаштыгын эстей берет,
Көз кыскандан калбады кирпик кашым.

МЕНДЕ БАР АРМАН

Өмүрдүн тизмегине кирбей калып,
Мендеги ошондогу бүтпөс арман.
Күүнөлөп тагдырыма не таарынып,
Күтөмүн жакшылыкты аткан таңдан.

Көөдөнүм көрүп ыйлап мукактанат,
Жүрөктөн ачыштырган сырлар тамат.
Кайгынын чеңгелинде калган байкуш,
Кайрылбай туталанып, күйүп жанат.

Түйшуктүү тагдырыма таарынбаймын,
Жаркытып жалын оттой албырамын.
Күйүттөн күйүп жанса дилим байкуш,
Ызаамды чыгара албай кайгырамын.

Эх, менин ошондогу арманым ай,
Жаштыгым чалгысы курч атаганат.
Эстесем ошол күндү ай, аттиң ай,
Кылгырып каректерден жашым тамат.

ЖАЙЫЛ БААТЫРГА АРНООО

Кылымдарга аты калган атактуу
Жайыл баатыр Солто уруудан тараган.
он экинчи кылымдарда жашаган
Кыргызыма бекем канат байлаган.

Кыргын болуп суудай аккан кызыл кан.
Бекем чепти Жайыл баатыр курган дейт.
Душманына тайманбастан кол салып.
Нечендердин ,өмуруну кыйган дейт.

Жайыл баатыр кылымдарга жашады.
Темирхан апа колдоп коштоп катарды .
Бала таап Усон менен Текедей.
Баатырларды бийик туттуп жашады.

Белди бууп , кошо чыгып согущка.
Душмандарды кайтардыго тап берип.
Аянбастан курал берип элдерге
Эл жер учун нечен баатыр жан берип.

Кыргын согуш нечен өмур кыйылды.
Эр жигитер эрдик менен жыгылды
Солто уруу улуу Элди башкарып
Жайыл ата бир озу кыргыз элим сыйынды.

УРМАТ СЫЙДЫ ЫЙГАРДЫМ

Коргошундай салмактуу го ырларың,
Кооз жазып түркүн түрдүү ырдадың.
Араңарда мен сыйлаган акын бар,
Мен акынга урмат сыйды ыйгардым.

Барктуу болуп сыйладыго жаш, кары,
Ойго албай сыноону да башканы.
Билик сымал ак аралап күйдүңүз,
Өтүп кеткен жалын курак жаш чагы.

Аяо сезим багындырып турмушту,
Жыгылганга ээ жаа бербей түздөлөт.
Жылуу сезим бир өзүндө турганда,
Мендеги сыр түрдүү болуп түрдөнөт.

Араңарда мен сыйлаган адам бар.
19.06.2022.

БИР СӨЗ

Бир сөз менен ,көнүлдөр таза жүүнат.
Бир сөз менен ,өмүр дайра курулат.
Бир сөз менен,жек көрүүлөр унутулуп.
Бир сөз менен ,агын сууларбурулат.

Бир сөз менен журөк жибийит элжиреп
Бир сөз менен сөгушөбуз келжиреп.
Бир соз менен көнүл таап жашайбыз.
Бир сөз менен, баалуу белек белгилеп.

Бир сөз менен ,арылабыз оорудан.
Бир сөз менен ,жаман ойлор тооруган "
Бир сөз менен ,айга учабыз зымырап.
Бир сөз менен ,жетеленем колуман.

Бир сөз менен ,баарын чечип үлгүрдүк.
Бул жашообуз аттин арман күнүмдүк.
Жакшы менен жакшы жашап оттөлүү.
Бир сөз менен жамандардан түнүлдүк.

СЕНДЕЙ ЖАНГА ТУШ БОЛДУМ

Сен мунушкөр, мен асманда куш болдум,
Сендей жанга мээрим төгүп туш болдум.
Сен жолоочу мен шерикмин жолдогу,
Аткарылса кыялдагы түш жооруум.

Сен шумкарсың бийиктиктен көрунгөн,
Мен бир секет беш көкүл чач өрулгөн.
Каары күчтүү, бирок таза жүрөгү,
Жан дүйнөм бүт, сага гана көрунгөн.

Тирүүлүктүн түйшүгүнө күбанам,
Кыял менен алып учат убадам.
Шоола болуп сен төгулсөң асмандан,
Ак сүйүүмдү мен да ошентип, суна алам.

ЖҮРӨГҮМӨ ДАРЫ БОЛЧУ

Дүрбөтүп ийсем бекен гүл заманым,
Эстейин уурдатылган жаштык чагым.
Көөдөндөн чыпай койду түрдүү ойлор,
Курайын жүрөгүмдө сүйүү шаарын.

Мэрездик көөдөнүмдү ээледиби,
Сурасам, эмне дейсиң түп тегиңди.
Эзилген жүрөгүмө дары болчу,
жазайын аппак таза келбетиңди.

Жылуулук издеп келдим бир өзүңдөн,
Бошончу көрө албастын уу сөзүнөн.
Караңгы түнүм эстейм сыр чечишкен,
Оргуштап чыгат сезим түпкүрүнөн.

Эх, менин мерез болгон махабатым,
Каректен тамчы болуп тып тып актың.
Жабыркап, жараланып турсам дагы,
Бапестеп ак сүйүүмдү ичте бактым.

ЖҮРӨК ЖАНАТ

Сезимдерим кылчаят бал бал жанып,
Белгисиздей бараары кайсыл багыт.
Кагышынан жазбайт го жанып жүрөк,
Кылгыргансыйт жаным оо... эстеп алып.

Таш боор жүрөк дедирбей корголоймун,
Мерчеминен өзгөрбөйт ойдолоймун.
Үзүлгөндү улайм деп умут менен,
Болбогонго багынып боздобоюун.

Өмүр кетип азаяр, сапар карып,
Жакшы күндөр алыстайт артта калып.
Өзгөлөргө байкалбай калган менен,
Таза сезим таанылаар жүрөк жанып.

Ачылса да тиштерим аралары,
Чиркин өмүр жашыма карабады.
Жаш баладай дегдетип жүрөгүмдү,
Жалын салып өрттөдү жаралады.

Күйүтүнө чыдабай жүрөк жанат,
Күл да калбай жалындап учуп барат.
Кеч болсо да келет деп үмүттөнөм,
Келээр күнүң асылым кайсыл тарап.

МАЙЫП КӨРДҮМ

Майып көрдүм аксаган жол боюнда,
Кетпей койду ошол күн эч оюмдан.
Колдо таяк мойнунда сумка илинген,
Кылтыраган денеси ачкалыктан.

Дуба айтат өткөнгө тыйын берсе,
Кыйын экен оор турмуш башка келсе.
Суранганы Кудайдан ден соолукбу ?
Сыноосунда жашайт го ар бир пенде.

Шүгүр дедим майыпты көруп туруп,
Тыйын таштап бурулдум көңүл буруп.
Жүрөк байкуш көлкүлдөп толуп турду,
Кармаладым жакамды Тооба кылып.

Шүгүр, шүгүр, шүгүр дейм оо, жараткан,
Алты саның амандыгы бүт жарашкан.
Ден соолукту баарына тегиз берчи,
Асыл пенде болбосун эч адашкан.

Кайгыландым азиздин алын көрүп,
Шүгүр дедим аргасыз жашым төгүп.
Тирүүлүктүн өзү бир бакыт тура,
майыптарга дуба кыл кол көтөрүп.

ЧЕКИТ КОЙБО

Чексиз сүйүүм чекит койбо күтө тур,
Ойлорума орток болуп жүрө тур.
Унут болуп калбоо үчүн дагы эле,
Жашоом бирге өмүр чогуу сүрө тұр.

Жүрөгүмө сүйүү берген кубатым,
Жан дүйнөмө суу ичирген булагым.
Жүзүң буруп жылуу сезим арнасаң,
Жайылат го сага деген кулачым.

09.11.2022.

СЕНИН ОРДУҢ

Сенин ордуң бийик сезем,
Жылдыздардын чолпону.
Сымбаттуусу сулуусу да,
Акак таштай тоодогу.

Сенин ордуң билем бийик,
Өзгөлөнүп башкадан.
Табы күчтүү ыссык жалын
кубатынан кайтпаган.

Сенин ордун бийик дайым,
Чүкөлөрдүн сакасы.
Сулуулантып ай ааламды
Жаркылдаган жакасы.

Сени ордуң башка мага,
Сүйктүүсүң жагасың
Сүйсөң эгер суранамын,
Менден алыс качпагын.

ЖАН ДҮЙНӨМ

Улай албай үзүгүн үмүттөрдүн,
Уйпаланып дагы эле күйүнөмүн.
Жарасынан турмуштун айыга албай,
Жан чыдагыс басынткан түйшүктөмүн.

Өйдө ылдыйын жазса да тагдырыма,
Шүгүр айтам колдогу бардыгына.
Байлык деген колдун кири байкагыла,
Жан дүйнөнүн ачкалыгы жаман тура.

КЫЗМАТЫМ ЫРЫМА

Жазылганда бир жакшы ой ырымда,
Кызмат кылып тургум келет кылымга.
Канча ирет жашырсамда сырымды,
Калп айтууга дитим барбайт чынында.

Ырларыма шүгүр айтам дайындап,
Дастан жазам махабатта жалындап.
Кубулжуган сезимдерге байланып,
Жүрөгүмдү таза сүйүү багынтат.

ЫЙМАН

Ыйманым жүрөгүмө чачып нурун,
Өзүмдөн мен баштагым келип жүрөт.
Жашоомдо жамандыкты ойлобостон,
Жашасам сабыр менен өмүр сүрөп.

Жүрөктө байкатпастан багып жүрөм,
Өмүргө сепкен сымал өлбөс үрөн.
Жүрсөм да шашкалактап алып учуп,
Жазылган пешенеге күндү көрөм.

Жашагым эл катары келип жүрөт,
Жашоого кээде калам кабак бүркөп.
Келсем да орто жашка жүрөк жалын,
Махабат бараткансыйт улам күчөп.

Татыктуу урмат сыйга болгум келет,
Бололу жакындарга дайым көмөк.
Жашайлы ыйман менен өмүрүбүз,
Кайрылып өткөн күндөр келбейт демек.

БИР КҮН ӨЧӨӨР

Бир күн өчөт пенде үчүн күлкүсү,
Бир күн бүтөт тиргиликтин күйүтү.
Сааты келет эсептешээр убагы,
Жарык бөлөөр, же караңгы гөрүндү.

Каргыш ургур ажал келет бир күнү,
Баалап берет түбөлүкө уйкуну.
Калдандаган кайран жаның кош айтаар,
Бул заманга ажал келсе бул күнү.

Катар баспай тизмегибиз бузулат,
Жашоо жыргал ичтен сызып тызылдап.
оргуштаган өмүрдүн бир башаты,
Кыя чапкан тал теректей кыйылат.

ЧАРЧАДЫМ

Жумуш деген жүдөмүш,
күндө ушинтип жүрөбүз.
Болоор болбос күндөрдө,
Көрксүз өмүр сүрөбүз.

Күйүт болот өртөнөт,
Дарак кайра көрктөнөт.
Даракчалык алым жок,
Сынсак күнүм күл болот.

Он беши күнүм жарыгым,
Он беши күнүм тарыхым.
Он беши күн бар түнү бар,
Өткөрөт күнүн тагдырым.

Чарчатты жумуш күндөрү,
Тушумө кирет түндөсү.
Жүгүрчүм ойноп бэй капар,
Эстесем айыл үйдөгү.

Баламды карап азыр мен,
Бала эле болгум келет дейм.
Тынч уктап жатсам ойгонбой,
Чоңойбой калсам болмок дейм.

Тур десе турбай жатчумун,
Ойготсо болбой кашчумун.
Чарчадым мага тийбе деп
Жаздыка башым катчумун.

Өзүмдү келбейт алдагым,
Чоңойдум эми башкамын.
Өкүнгөн менен айла жок,
Кайрылып келбейт ал чагым.

НУРМАМАТ КАПАРОВИЧКЕ

(акро)

Н
Нөшөрлүү жамгыр болуп жаандабаңыз,
Назданып жатып жүрөк кыйнабаңыз.
Намысты бийик кармап убагында,
Нурданып күлүп жүрсөк сыйлашаарбыз.

У
Урматым сизге болсун бааладыңыз.
Урпагын Барпы акындын тандадыңыз.
Уялаш болсо дагы тууган калып,
Унуткус сүйүүм болуп жандадыңыз.

Р
Руханий дүйнөң дайым таза болсун,
Рахматым дайым айтам сага болсун.
Райымдуу жүрөгүңүз муз болбосун,
Рухуңуз эч убакта суз болбосун.

М
Махабат дайрасында бирге жылып,
Муң кайгы санааларды унут кылып.
Муңайбай жашайлычы мезгил кечип,
Маңыздуу дүйнөгө биз топук кылып.

А
Аскалуу акыл болуң дайым мага.
Ардактуу акын болуң ар убакта,
Ажарлуу дүйнө турат түрүп билек,
Ардагым аман болуң алыс жакта.

М
Мүнөзүң өзгөчөрөөк башкалардан,
Жаман сөз алгач сүйлөп баштабаган.
Жообу жок кыялдарым окшоштурсам,
Жазалбай катый берем улам улам.

А
Ардагым сүйүүбүзгө дастан жазың,
Асканын туу чокусун издеп табың.
Аркалап сизди жолдоп калем алган,
Акылман баалап өтсүн ыр саптарың.

Т
Түрмүштүн түүсүн бийик көтөрүңүз,
Туу сайган чоку болсун өткөөлүңүз.
Талпынтып урпактарды алга сүрөп,
Татыңыз доорун эми көргөнүңүз.

КЕТПЕЙМ СИЗДЕН

Кымбатымсыз кыялымды ээлеген,
Башкаларга ээлик кылып бербеген.
Эт жүрөгүм эзилүүдө асылым,
Түн узатып сизди атап сен десем.

Сүйүү сезим жагымдуу го арбалам,
Кетпейм сизден сизди гана жандагам.
Куса болуп көрбөй сизди турсам да,
Элестетип колуңуздан кармагам.

Эх чиркин ай, аруу сезим махабаты,
Ұн алышып жылдыз менен таңдар атты.
Коюу түнгө айтып жаттым арманымды,
Жылуу көз жаш ак жүзүмдү жууп жатты.

САГЫНЫЧ

Өткөн күндүн эргүүгө жазыламбы,
Муз ээриген демиңиз табындабы.
Жаз күнүндөй жылытып жүрөгүмдү,
Бүлбүлумсуз сиз сайрап багымдагы.

Алтын таажы арнаңыз сиз башыма,
Ишенемин бак дөөлөт тайбашына.
Тилегибиз максаттар бирге болсо,
Ишенемин ийгилик жандашына.

Алыста сиз дайыма билдирүү жаз,
Бабырап сиз турганда көнүлүм наз.
Асылым сиз ар убак аман болуп,
Сагынычта ыр арнап көөдөнүм бас.

ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ

Жадымынан эч өзгөрбөй дүйнөнүн,
Сынбырбастан калпын сага бермекмин.
Аруулукка балкып турган ааламды,
Кооздотуп бир сен үчүн келмекмин.

Бул замандын доорун айтып бүтпөдүм,
Дале болсо баш бербеймин күчтөмүн.
Кээде туруп батып кетет бүт аалам,
Эки беттүү ак кагазга бүктөлүп.

Оор турмуш өзөгүмү өрттөдүң,
Жазгым келет сулуу куштун көркөмүн.
Ак кагазга айтып жатсам сырымды,
Оор баскан мен жүктөрдөн бөксөрдүм.

КУЧАГЫҢДА КУБАНАМ

Сен болбосоң аалам таят алдымдан,
Кемедейсиң көлдө мени калкыткан.
Сен бар үчүн бактым бийик дайыма,
Кетпей жүрөм мен көйкөлүп баркымдан.

Сени менен бүтүн дүйнөм шаң болот,
Сен жок болсоң кенен дүйнө тар болот.
Сени айтып мактанамын дайыма,
Эстегенде жан дүйнөмдө жаз болот.

Кучагыңда кубанамын баркталам,
Эч бир нерсе сендей кумар тартпаган.
Сенин жытың, сенин таттуу сөздөрүң,
Жалын болуп жүрөгүмдү каптаган.

МЕЗГИЛ УЧАТ

Канча жол бар, канча өмүр алдыда,
Жөнө алдыга жарк деп күлүп алгын да.
Татаал жолдон талашпагын тагдырды,
Салба өзүндү куру жерден кайгыга.

Турмуш татаал сокмо жолдон курулган,
Күндөр өтөт арты артынан чубурган.
Мезгил менен учат менин күндөрүм,
Жаштык узап тентек кезим жоюлган.

Ак сүйүүнүн алкыш сөзү төрт бөлүк,
Өзгөрүлбөй өкчөөсүнөн өрттөнүп.
Бал тилиңе кошо барам чирмелип,
Өмүрүмдү сени менен өткөрүп.

ЖОЛУГУШТУК ДАЛЕ БЕКИНИП

Жоолугуштук элден бекинип,
Түз жолдордон неге тентидик.
Кезеги жок тагдыр жазылып,
Ошол го дейм бизде кемчилик.

Жоолугуштук элден бекинип,
Кыялдарга турдук желпинип.
Жетеленип түрдүү сезимге,
Биз эмнеден ката кетирдик.

Жаштык өтүп, тырыш бассканбыз
Далай азап өрүн ашканбыз.
Өткөн күндөр куру кыялдар,
Алдануурга чогуу шашканбыз.

Жоолугуштук элден бекинип,
Сын бузулган сырды кетирдик.
Татаал тагдыр бийлеп турса да,
Жоолугуштук дале бекинип.

ТЕҢЕЛБЕ

Жемеленип калбайын деп акмакка,
Абийиримди бийик тутуп сактагам.
Тең келбестен көкүрөгүн какканга,
Жакшы сөзду жүрөгүмө жазданам.

Жебе болуп бийик учуп асманга,
Жек көргөнгө тамай барып сайылам.
Кандай ойдо экениңди билгенде,
Кеткен белең зоболосу сыйыңан.

Көнүл деген жаман экен байкачы,
Кала берди суусап жигит канчасы.
Аял дешип өзүн эркек сезгендер,
Адамдардын түрдүүсү бар калчачы.

Баарыңарга тилейт элем жакшылык,
Жакшыларга бараар элем тартылып.
Ичи тарды көр албасты байкасам,
Журөк байкуш туталанат жанчылып.

ТААРЫНЫЧ

Таарынычтар көп болдуго ортодо
Көнүл калуу ,капа болгон убакта
Тураар элем баарын көздөн өткөрүп ,
Көнүл сынган болду кайра жубатпа.

Эстебеймин эски дептер сыяктуу.
Саргыч тарткан түшкөн биздин сүрөттөр
Маанайымды чөктүрбөймүн ал күнгө
Түшө калса бир кылт этип мүнөтөр.

Кош болгун деп ,жаап салдым өткөндү
Сезимдер ай көлдүктө өлчөндү
Жакшылар көп баа беришет баркына
Тен бөлүшөт кайгы капа өткөндү.

ЖИЙДЕГҮЛ ИСАКОВАГА

Көрктүү айымсыз көңүлүмдү жибиткен,
Көрүп жүрөм байкап жүрөм бийиктен.
Ашык көрөм эже сизди чынында,
Ачык айтсам анча мынча жигиттен.

Күлгөнүңүз өзүңүзгө жарашкан,
Күлүк ойго сүңгүп кирип баратам.
Ырлар жазып бардык жактан төп келген,
Берген экен сизге ар кыл тараптан.

Өзгөчөсүз башкачасыз чынында,
Айып таппайм акын кыздын сынына.
Сиздей жанды сыйлап алуу аздектеп,
Турбайт мага анча деле кыйынга.

Көп адамдын арасынан баалаган,
Сизди сүйүп жакшы көргөн адам бар.

Муратбек

АК ЖААН

Ак жаанга аралашып көз жашымды төкөмүн.
Билбептирмин бул жашоонун канча экени өлчөмүн
Кыялдарга жетеленген түркүн түстүү ойлорум
Сыр найзанын сынығындай чачыратып төкөмүн.

Жамгыр сымал жаап дыбырт мен көнөктөп төккөмүн
Жүрөгүмдө жашайсын да эт жүрөктү өртөдүн
Келчи асылым жытынды искеп жамалына тоюун.
Мөөрү баскан тамга сымал
жан дүйнөмдөн өчпөдүн.

Ак жаандай жуюнчу эски дарты калтырбай.
Татаал тагдыр азабыны канча жолу тартым ай
Жаратканга шүгүр дедим
сен жоолугуп бактыма

ЖООЛУК МАЙРАМЫБЫЗ КУТТУУ БОЛСУН

Жоолук деген аял затка көрк берет,
Сулуулантып жалын берет от демек.
Жоолукчанды көргөн кезде солк этип,
Аял деген улуу затка данк берет.

Жоолук деген аялдардын ажары,
Бал татыган сулуулуктун катары.
Жоолукчанды көрө калсам капыстан,
Элестетем ак жоолукчан апамды.

КЕТПЕЙМ СЕНДЕН

Кымбатымсың кыялымды ээлеген,
Башкаларга ээлик кылып бербеген.
Эт жүрөгүм эзилүүдө асылым,
Түн узатып атыңды атап сен десем.

Сүйүү сезим жагымдуу го арбалам,
Кетпейм сенден сени гана жандагам.
Куса болуп көрбөй сени турсам да,
Элестетип колдоруңдан кармагам.

Эх чиркин ай, аруу сезим махабаты,
Үн алышып жылдыз менен таңдар атты.
Коюу түнгө айтып жаттым арманымды,
Жылуу көз жаш ак жүзүмдү жууп жатты.

ЧЕК КОЙДУМ

Жалгыздыка жаным мен да чек койдум
Ачылабы мага деген бир боорун
Турмуш менен алпурушуп күн өттүп
Өмүрүмдүү күтүү менен өткөрдүм

Сага жазды бир аз өзүм бөксөрдүм
Жалгызмын деп сен ойлонуп чөкпөгүн
Келбетүүсүн келин кызды суктанткан
Канча жүрөк канчасыны өртөдүн

ӨКҮНҮЧТҮҮ КАРЫЛЫК

Мен чал көрдүм колу буту калтыраган,
Алы келбейт басууга да жалдыраган.
Тагдыр айткан кыйноосунан көрдүнөрбү,
Жашап өтүп бул өмүрдө жыргабаган.

Эх... жаштык- деп, чекесин сылап койду,
Каршылыкка чыга албайт тороп ойду.
Турмуш жолу түнгүюк кара туман,
Сайгылашкан жүрөгү ооруп койду.

Нааразыдай жашоого башты чайкап,
Карылардын үйүндө журөт аксап.
Кутпөгөндөй бирөөдөн жардам деги,
Дарыгерге кээде коёт өмүр жалгап.

Шугур айтат кээ күнү үшкүрүнөт,
Өз баласын эстесе ичи күйөт.
Аттиң неге ошондой төрөлдү деп,
Баш кийимин араң алып түкүрүнөт.

Арман жашоо аталарды боздотпосун,
Ыйлатпасын журөгүн козготпосун.
Өз атасын таштаган боору таштар,
Бул жашоодо эч убак оңолбосун.

06.02.2022.

ЖАЛПЫДАН

Ийгиликти баалайсыңар баарыңар,
Жалындуу го жан дүйнөңөр табынар.
Көңүлү кең ай көлдүгүн карачы,
Айланайын аруулаштар жалпыңар.

Билик болуп жанасыңар дайыма,
Үйлөп билик үзүлгөн бир үмүттүн.
Көңүлдөрү таза адамдар чогулган,
Кыргызымдын түндүгүндө бириктиң.

Сүйлөй көрбө оозуңду бир көптүрүп,
Сапаты жок сөздөр болот сөз күлүк.
Кемчиликти жаап коюп жашырган,
Сен үчүн да туруп берет көпчүлүк.

Беделиңдин күчтүү жагы кайратың,
Күч кубаттан эч бир адам тайбасын.
Улуу кичүү жүрсө дайым жанында,
Сен бийиксиң асмандагы айдасың

КӨПӨЛӨК БОЛГУМ КЕЛДИ

Мен көкөлөп көпөлөк болгум келди,
Жайылган канаттарды серпип коюп.
Денем жазып шиберге созгум келди
Кызгалдактай жүзүмө эндик коюп.

Мен көкөлөп көпөлөк болгум келди,
Щирин жыттуу гүлдөргө конгум келди.
Билсем деле уулуу чөптун бар экенин,
Байкабастан чагылып койгум келди.

Мен көпөлөк болсом эгер учаар элем,
Кайрыбай канатымды серпип серпип.
Бараткансыйт алыстап аттиң арман,
Жаштык кезим жыргалы улам кертип.

Уулуу чөптөр, уулуу гүлдөр болот экен,
Көкөлөгөн көпөлөктөр билер бекен.
Билбей калып чагылып уу отуна,
Өмур боюу өксүп, жашоо сүрөр бекен.

БАКТЫЛУУ КҮНҮМ

Бактылуу күнүм качан
Бактылуу күнүм ата энем барында
Бактылуу күнүм качан балдарым жанымда
Бактылуу күнүм качан Жан жолдош жанында
Бактылуу күнүүм качан өмүрүм барында

Бактылуу күнүм качан тууганым жанымда
Бактылуу күнүм качан досторду сагынса
Бактылуу күндөр качан
Жаштыгын албырып
Бактылуу күндөр качан
Шоолага жылынган дее соолук барында

Бактылуу күндөр качан
Көнүлдөр шат болсо
Бактылуу күндөр качан
Сабырын сак болсо
Бактылуу күндөр качан
Насибин ток болсо
Дее соолук баары болуп
Ойлорун шок болсо

БААРЫ СЕНСИН

Тамыр менен жүгүргөн каным сенсин
Бак дөөлөткө орогон багым сенсин
Түштө түнд аян берген
Түбөлүүктүү көркөмдүү
Жаным сенсин...
Күндө ккубат күч берген нурум сенсин

Суусатырган адамды жаш баладай
Күтүп жүрөм асылым ошол сенсин
Күндөр келсе кучагына кулайынчы
Алкымынан мен жытап турайынчы
Жүрөгүмдүн дартына шыпаа болсон
Бүтүн дүйнө жыргалын сунайынчы
Катуу болсо жүрөгүндү ээритейин
Күн бүткүчө асылым сени дейин
Кудай кошкон ошол күнгө итаазим кылып
Тагдырымдын буйругунан кемибейин
Колдон келсе баарыны берейинчи
Айга Күнгө Жылдызга тенейинчи
Дүк дүк сокон жүрөгүмдү уга алсан
Ошол жерден жалгыз оорун берейинчи

ТУУЛУП ӨСКӨН ЖЕР

Туулуп өскөн жерим джалал абад.
Жаштардын шаары болуп атты атталат.
Сүйкайып сулуу кыздар жарашыктуу.
Жан дүйнөм ,бир көргөндө бир жашараат.

Сүйүктүү сүймөнчүктүү жашыл шаарым.
Акылга акыл кошот асылдарым.
Киндик кан тамган жерге тер тамса экен.
Амандыкта жүрсө деймин алтындарым.

Белини бекем бууган жигиттерим.
Сиздерге асыл сөздү терип келдим.
Бааланып келе жаткан , Барпы атамдын
Уурпагын улап келген бийиктерим.

Жердештерим асылдарым барпылык
Болсо деймин ар бир үйдө жакшылык.
Нар таттамын сезимине жуунамын.
Жакшы сөздү бир силерге арттырып.

СООЛУБАСЫН

Кыш мегилдей соолубасын гүлдөрүн,
Жаз мегилдей сакта гулдун бүрлөрүн.
Жакшылыктар жолдош болуп жанына
Өтсө деймин кубанычтуу күндөрүн.

Сен да жаша өкүм үрөөк сүйлөгүн
Өз башына ашыкча жүк үйбөгүн
Тирүүлүктү баалап калгын азыртан
Сен тирүүсүн улант жашоо түрмөгүн

Жок нерсеге алоолонуп күйбөгүн
Чыйыр жолдо бир чындыкты сүйлөгүн
Арбап сени адаштырып турса да
Тизгининди тартып таза жолдон бурбагын.

КӨӨДӨНДӨГҮ БУРГАНАК

Тагдырыма таарынгансып баратам
Чачтарымды бубак баскан карасам
Пешеге жазаныны көрөбүз
Мен эмнени бул турмуштан талашам

Сени эстесем сабыр түтөйт өртөнгөн
Сагынычтын дал ортосу бөксөргөн
Салам жолдоп аруу таза күн менен
сылап өтөм жылуу жумшак жел менен

Сүйүүм болдун сен кечигип келбеген
Ойноктогон оома төкмө жел менен.
Аз өмүрдө жашоомду улантып ,
Өмүрүмө өмүр кошом сен менен.

ЖАШОО

Мартабасын баалап жашоонун
Чын дүйнөдө келет жашагым
Бир күн өчөт атак данкында
Толуктайсын шейит катарын.

Көбү сүйлөйт жакшы сөздөрүн
Кээ бирөөсү сүртөт көздөрүн
 Өлүм деген даамын таттасын
Уга албайсын шыбыр сөздөрүн.

Байлык бийлик калат артында ,
Аз жашоону баала кор кылба.
Аз күнчөлүк куунак жашоодо
Аз да болсо алга умтулда.

КЫМБАТЫМ

Кымбатымсын кыялымды ээлеген
Башкаларга ээлик кылып бербеген
Эт жүрөгүм эзилүүдө асылым
Түн узатып атынды атап сен десем

Сүйүү сезим жагымдууго арбалам
Кетпейм сенден сени гана жандагам
Куса болуп көрбөй сени турсам да
Элестетип колдорунан кармагам

Эх чиркин аруу сезим махабаты
Ұн алыш жылдыз менен тандар атты
Коюу түнгө айтып жатым арманды
Жылуу көз жаш жүзүмдү жууп жатты

САГА БАРАМ

Жол салып махабатан сага деген
Тан болуп шооласында сөгүлөйүн
Нур болуп журөгүнө сезим козгоп
Берметей ай жүзүнө өбүлөйүн

Гул зарда гулун болуп ачылайын
Нур чачып шоола болуп чачырайын
Муштумдай журөгүмдөн оорун берип
Дүйнөндү бир өзүмө батырайын

Сагынып сагынычты ашырайын
Сезимдин тазалыгын жашырайын
Карегим карегине чыгылышса
Кареке сырдуу кылып жашырайын.

КАТ ЖАЗАМ

Азыноолок жазымдым эле катымды
Угуп жүрдүм алыс жактан атынды
Саана күндөр сапар улап баратат
Карабастан сүйгүм келет жашынды
Айтсан боло жолугушчуу мезгилди
Биздин бакыт кайда барып жашынды
Аркы терки басып жүрөм жөн эле
Көп суроолор катырдыго башымды
Түн жабынып жалдырадым өзүнө
Кайра кайра айтып жатып атынды
Айчы жаным билген болсон эгерде
Биздин бакыт кайда барып жашынды

САГА

Ырга айланган жан дүйнөмө жалынып
Баратамын ыр саптарда агылып
Татууларга ширинderге тенесен
Каламынго кумар канып сагынып

Бал тилине салсан сүйүү сезимин
Ошол сөзгө татыктуудай ээридим
Кайра кайра окуп арноо ырларын
Бир өзүндү сүйөөрүмдү сен билгин.

КЫЗГАНАМ

Тагдырым буйруп өмүрдөн берген табылгам
Кетпесем деймин ар күнү сенин жанынан
Сүйлөшпөй калсак убакыт созуп арадан
Чыдамым кетип сыздап бир турат кабагыргам
Өмүрлөш жарым болгонсуп кээде кызганам
Чоочунду көрсөм жанашып турса жанынан
Кызгантпа жаным кадырлап сени жүрөйүн
Болбосон дагы өмүрлүк менин түгөйүм.

СЕНИ ДЕСЕМ

Сен десем асыл жаным күйүп турам,
Багынам бир өзүңө ийип турам.
Нур болуп жүрөгүңдү жылытайын,
Үстүңдө шоола чачып тийип турам.

Ой басат алсыз мени түмөндөгөн,
Ойлосом ойлор менен унөмдөлөм.
Оргуштайт ак сүйүүнүн толкундары,
Сезимим жанып турат түгөнбөгөн.

Инсанга майдаланган кошулбаймын,
Жактырсам мен эч кимден чоочубаймын.
Жашоодо жаным болсоң урматтаган,
Айтуудан ак сүйүүмдү жашынбаймын.

БАГЫТ

Багыт берип ,мухитеги маяктай
Бир өзүндү издеп келдим ,аярым.
Ара жолдо кайрылгансып канаттым.
Издеп сени , алдан тайып барамын.

Издеп келдим ,биз олтурган сиренди.
Ошол дарак , гүлүн ачкан ажарлуу.
Картайгансып калган экен , ал дарак.
Эске түштүү , жүрөк байкуш капалуу.

Сага деген ,сапарыман адашып.
Жарыгын жок ,терезелер жабылган.
Кайран өмүр , өкчөсүнөн өкчөлүп.
Бу түрмуштун азабынан арылам.

ТААРЫНБА

Унчукпайсың таарынып калсаң керек,
Айыбымды азаптуу тартам демек.
Жаралуу жүрөк менен сүйүп алып,
Жалооруп сен жашынып жүрсөң керек.

Кабарың жок капалуу болсоң керек,
Үңүлөмүн сүрөтүңө көрсөм демек.
Кайгы баскан жүрөк менен сүйүп алып,
Капаланып мен өзүм жүрсөм керек.


СИЗ БОЛДУҢУЗ ТАНДАШЫМ

Сизге деген сезим үшүп калбасын,
Мезгил сыйкыр башка жолун жазбасын.
Кызгануунун чеги болбос асылым,
Топ адамдан сиз болдуңуз тандашым.

Кайран жүрөк кээде катуу өкүнөт,
Кээде алсыз сезимдерим чөмүлөт.
Кээде сыздап күйкаланып көөдөнүм,
Жазгы өткөн ак нөшөрдөй төгүлөт.

Бакыт чачсаң бал татыган тил менен
Көрүп жүрөк түбөлүкө сиз деген.
Туңгуюкка такабасын чунак ой,
Сагынычтын оту күйсүн сиз менен.

Карап биздин чогуу түшкөн сүрөттөр,
Кагышкандай окшош согот жүрөктөр.
Эске түшөт ирмемдери ошол кез,
Жансыз ошол сүрөтүңдү бир өпсөм.



ЭЛ СЫЙЛАГАН БААТЫР

Эл катары мактоо сөзүм айтайын,
элиң билет эл эмгегин актаарың.
Кызыл жылдыз көкүрөктө жарашсын,
Толуктаңыз баатырлардын катарын.

Өз өмүрүн тообекелге салган ким,
Душман көздөй эң биринчи барган ким.
Камчы акем бабалардан бата алган,
Эл сыйлаган баатырлардын бирисиң.

Сыйлыгыныз куттуу болсун демекмин.
Сиздей баатыр кыргызыма керексиң.
Дос душманга даанышмандык мамилең,
Кыргызыма бир буйруган белексиң.

06.09.2022.

ЖАЛГЫЗЫМ

Таарына калсаң жүрөгүм ооруйт эмнеге,
Тамаша айтып күлдүрүп турчу кез кезде.
Кабагың чытып үндөбөй койсоң кээ кээде,
Кабатыр болом сүйлөшкүм келип тез эле.

Алтыным десең балкып бир таза сезимге,
Ансайын кулак төщөгүм келет кебиңе.
Айтаарым сага кабарсыз болуп кыйнаба,
Алсызмын жаным жүрөгүм эзип сен кетпе.

Таарынба жаным таарыныч күнүн эстебе,
Өткөндү эстеп өкүнүп анан кектебе.
Жалгызым десем ишенчи жаным түшүнүп,
Жашоомдо келген бакытым жалгыз сен беле.

КОЛДОСУН КУДАЙ

Апаат согуш болбосун.
Кудай өзү колдосун.
Тынчтык орноп журтумда.
Жашын элим төкпөсүн.

Ыйлабасын наристе.
Колдосо экен периште.
Канкор тажик жоголсун
Кол барбайтго бир ишке.

Көчөлөрдө толтура.
Солдат жөнөйт баткенге.
Жүрөк байкуш дүкүлдөйт.
Жаш солдатар кеткенге.

Мекеним деп алгалап.
Эр жигитер чыгыщты.
Көкүрөгүн қөтөрүп.
Мекен үчүн турушту.

Кантсе дагы элимде.
Тынчык эле орносун.
Катарыбыз азайбай.
Алла өзү колдосун.

ТАГДЫР ЖОЛУ

Тагдыр жолго тамга басып койгон го,
Сен жашоону бурамын деп ойлонбо.
Байкуш болуп боор эзип жүрбөгүн,
Бороон озу сени күүп койгондо.

Жашоо татаал алды жагым болжолдо,
Кыйналаармын сыноо болор тар жолдо.
Тиргиликтен жүдөө тартам бушайман,
Тагдырыма таарынгандай болгондо.

Азоо элем тартып койду тагдырым,
Өссө өскөндүр түшпөй келет кадырым.
Кыйналсам да сыр алдырбай жашаймын.
Билген билээр жакшы адамдын бардыгын.

Жыгылганда түздөлөмүн бат ылдам,
Бирөөлөргө оордугумду салбагам.
Кээде туруп таң каламын негедир,
Бул замандын түпкүрү да бүт арман.

НООРУЗ

Нооруз майрам иайрамдарын уулусу.
Эң алгачкы жаз майрамдын сулуусу.
Майрамынар күтту болсун демекмин.
Нооруз майрам жалпыбызга бүгүнкү.

Бак даректар бүчүр байлап көрктөннүп.
Жаз жытыны искейм моокум канчуудай.
Жашылданып айланабыз карачы.
Мөлтүрөгөн түнүк таза тамчыдай.

Казандарда сүмөлөгү кайнаган.
Боорсок төгүп дасторконго жайнаган.
Кыргызымда нооруз майрам эн улук.
Апалардын батасынан айлаанам.

Арча түтөп ар кыргыз уйүнөн.
Бала чака чуркап ойноп сүйүнгөн.
Сүмөлөктөн уурдап тентек жаш балдар.
Чоң энелер болоор эле сүйлөгөн.

Майрамыныздар менен
Жийдегул Исакова аруу дүйнө клубу

НООРУЗ

Улустун улуу күнү
майрамдап мына бүгүн,
Аластап алас айткан энелер барктуу күнү.
Нооруз деп жар чакырган жалпы эл айланайын.
Жер эне тапка келип
ооматын берген күнү.

Майрамдайлы куттуу болсун жаз майрам,
Ала тоодой бийик элден айланам.
Жакшылыктар арбын болсун элимде ,
Куралыбыз комуз болсун кармаган.

Алас алас алас ар баалэден калас ,
Арча түтөп бата тилеп апалар.
Ак батасын берип турат аталар.
Нооруз майрам баарыбызга кут болсун,
Кабыл болсун ушул тилек баталар.

СЕКСЕНГЕ ЧЫККАН АЯЛДЫН КЫЯЛЫНА ПАРОДИЯ

Сексен жашта кыялданам отуз жаштай,
Былтыркы көйнөктөрүм калды батпай.
Таяк кармап жүрсөм да араң зорго,
Булкунамын дагы эле азоо аттай.

Сексендеги кемпирмин тишим түшкөн,
Жаш баладай эркелейм ич күйүттөн.
Күңкүлдөнүп чалыма кобурансам,
Кулагы да укпады, иши бүткөн.

Кыялданам жаш болуп, селки болуп,
Жасанамын абышкама эндик коюп.
Мени кара келиндерди карабай деп,
Сүйсөң боло карыганда көңүл коюп.

Жасан, тузөн, бирок мен жашарбадым,
Кала берди ичимде бүт арманым.
Жап жаш бойдон калсам деп ойлоп жатып,
Жетелешип сексенге мен баргамын.

Аттиң жаштык курагым өтүп кетти,
Кара чачты ак бубак кууп жетти.
Сексенге мен чыксам да баш ийбеймин,
Сексен жашта сүйүү деген деги кеппи.

Кыялданып дагы эле басып жүрөм,
Абышкама билгизбей качып жүрөм.
Кээде чалдар тийишсе сыр алдырбай,
Жашырынып сырымды катып жүрөм.

КҮТӨМ СЕНИ

Тагдырыма кээде туруп таарынам ,
Бул сыноолор агыман эмес багыман.
Дагы канча зарлап сени күтөмүн,
Кана качан кучактаймын далынан.

Эркелешип эзилишкен күн келээр
Эрмектебей жаратканда бак берээр
Аздыр көптүр салыштырдым башкага
Сага өзү жоктур эми тен келээр

Күндө салам жолдой үмүт үзбөймүн
Мен оюмду түбөлүккө түздөймүн
Сенден жооп алып калсам капыстан ,
Жаны ачылган гүлзар болуп гүлдөймүн.

ЖАШОО

Ак кара аралашкан татаал дүйнө,
Пендебиз көтөрөбүз түйшүк үйсө.
Баёолук ээлеп алган жан дүйнөмдү,
Үмүтү артып келем жакшы күнгө.

Күрч элем майтарылбас сөзго сынбас..
Морт элем ачуу кепке чыдап турбас.
Темирдей кызуу элем жалындаган,
Ийилген жан бололуу арык кылбас.

Таза жүрөк ак ою менен жашайлы,
Толуктайлы жакшылардын катарын.
Жылуу сөздү аябасак эч качан,
Бакыт менен келет менин жашагым.

БААРЫ МЕНМИН

Куш көрсөн асмандагы жалгыз учкан,
Шак көрсөн бутагынан сынып турган.
Шылдырап аска зоодо жалгыз аккан ,
Оргуштап дарыя сууга куюп турган.

Күн көрсөн нурун чарпай булут баскан,
Жылдыздар жарык бербей бүркөө асман.
Көзүнө көрүнгөндүн баары менмин.
Кабагы ачылбаган көкмөк асман.

Ак куу көрсөн көл жээктеп жалгыз жүргөн ,
Кайгырган адам көрсөн өмүр сүргөн,
Көөдөндөн көп нерселер катылууда,
Жалгыздык жарашпайтго тенир сүйгөн.

Ошонун баары менмин ошол билсен

ИЗДЕП КЕЛДИМ

Түн караңгы нурун чачкан ай гана,
Түнгө сиңген түркүн ойлор жай гана.
Калкып сызып бараткандай сезилди,
Сааты менен күлүмсүрөп жай гана.

Түн караңгы, угар бекен муңумду,
Сур булут да, айга барып урунду.
Айлананы каптап алган жымжырттык,
Калкыган ай, сур булутка тутулду.

Күн кызарып уясына батканда,
Сырдашууга сыр төгүлүп жатканда,
Жалгыз айдай сыздым түнү чарчабай,
Таң сүрүлүп аппак шоола чачканча.

Жалгыз сени издеп келдим асылым,
Ракым этчи бир өзүңдү көрүүгө.
Түн койнунда бирге болсок жакыным,
Сыр чечишип сезимдерди төгүүгө.

БАЛАМА

Пешенеме жалгыз балам бүткөнү,
Жалгызымдан чоң үмүттү күткөнмүн.
Шыңга бойлуу кең көкүрөк балбаным,
Сен бар үчүн, мен жалындап күчтөмүн.

Жалгыз уулум көкүрөктө арманым,
Кыял сүрүп жакшы ойлорду жазганмын.
Көп балдардын ордун басып сен өзүң,
Бешенеме аман болгун ардагым.

Бата тилеп бир кудайдан жалынам,
Сен бар үчүн кайгылардан арылам.
Атаң болгон ар намыстуу жакшыдан,
Алма деле узак түшпөйт шагынан.

Ишенген тоо аска - зоом баламсың ,
Асыл башың ак темирден жаралсын.
Сен бар үчүн бактым бийик билемин,
Аман болгун, бактылуу бол каралдым.

ЖАЙ МААНАЙ
(сынакка)

Жайдын бир күчөп аптабы,
Жанымды жалын каптады.
Сызылып, өзү башкача,
Жай мезгил териң акканы.

Ойго албай такыр башканы,
Жайлоонун эстеп ак таңын.
Жылдыздар толгон асманга,
Эңседим жайдын асманын.

Көлөкө издеп качабыз,
Саратан күндөн жашынып.
Элестейт, көзгө көл жээги,
Денеден ыссык дем чыгып.

Күйөсүң денең кызарып,
Ачалбай көзүң кыйналып.
Саратан мезгил кайтса экен,
Болбогон ысык мынчалык.

ЭҢСЕП СЕНИ

Мен чачылып сен бийледин дүйнөмдү,
Сендей болуп үйрөндүмгө сүйгөндү.
Жыргалына бирге батып ааламдын,
Элестетем кол кармашып жүргөндү.

Түн жабынып ойго батам кээ күнү,
Унута албай шыңгыр күлгөн күлкүнү.
Элес булас көз алдыма тартылат,
Ошол болду өзгөчө күн сүртүмү.

Тээ алыстан музаа болуп орногон,
Ойлор болду жүрөктү тынч койбогон.
Жарык берип тынчымды алды ошол күн,
Түшүмдө да сени менен ойгоном.

Жазым болгун бул жашоомо бир келип,
Гүлүм болгун гүл бакчамда гүл терип.
Ыраазымын бир жаралып келгенге,
Шоола чачтын бул тагдырга сен келип.

АТАКТУУ АЛАЙ ЖЕРИМ БАР

Ширелип өскөн карагай,
Бар бекен жерим Алайдай.
Түшташкан тоосу Гималай ,
Түкүмга урпак уламай.

Аскасы бийик чокулар,
Суу кеткен канча коктулар.
Илертен калган тарыхта,
Кылымды баскан журт улаар.

Алайдан чыгып баатырлар,
Өлүмдөн кайтпас анты бар.
Эрдигин кантип айтпаймын,
Курманжан Датка заты бар.

Алимбек Датка эл башы,
Алайдан чыккан асылдар.
Туягы чапчып асканы,
Кылымга өчпөс аты бар.

Мейман дос болгон элим бар,
Атактуу Алай жерим бар.
Суктантып элдин баарысын,
Эмнеден Алай кемиң бар.

КЫРГЫЗ КАЛКЫМ

Уюткулуу улутум Кыргыз калкым,
Кылымдарды карыткан урпактарың.
Мекен үчүн жан берип жоокерлери,
Жалын отко жүрөгүн тоскон дайым.

Бөркү баштан түшпөгөн Кыргыз калкым,
Кылымдарга сактаган улут наамын.
Туу көргөн жигиттер аман болсун,
Сактайлычы улуттун ыйык атын.

Салтын бийик кармаган Кыргыз калкым,
Кармайлычы түбөлүк бийик баркың.
Кыргызым деп жан үрөп жүргөн дайым,
Кылымдарга жашасын баатырларың.

ИЗДЕП КЕЛДИМ

Түн караңгы нурун чачкан ай гана,
Түнгө сиңген түркүн ойлор жай гана.
Калкып сызып бараткандай сезилди,
Сааты менен күлүмсүрөп жай гана.

Түн караңгы, угар бекен муңумду,
Сур булут да, айга барып урунду.
Айлананы каптап алган жымжырттык,
Калкыган ай, сур булутка тутулду.

Күн кызарып уясына батканда,
Сырдашууга сыр төгүлүп жатканда,
Жалгыз айдай сыздым түнү чарчабай,
Таң сүрүлүп аппак шоола чачканча.

Жалгыз сени издеп келдим асылым,
Ракым этчи бир өзүңдү көрүүгө.
Түн койнунда бирге болсок жакыным,
Сыр чечишип сезимдерди төгүүгө.

БЕЙ КАПАР

Чыгалбай келем ааламдын түркүн торунан,
Жок дүйнө менен алышып көпкө ооругам.
Түнгуюк жашоо бийледи тагдыр жолумду
Кетпеди жандан коюлган түндөр жолумдан.

Бей капар дүйнө жаныма батып баратат,
Көлдө учкан ак куу бирине -бири жарашат.
Толкунга керип канатын улам каккылап,
Тынч жаткан көлдү түбөлүк кылып саматат.

Түрүүлүк жашоо өмүрдүн кеткен сүртүмү,
Болбосмун эми дүйнөнүн түптүү түркүгү
Мемиреп жаткан сезимдер бизди жибитет,
Капалык айдап жылмайган менин күлкүмү.

БАЛДАРЫМ

Балдарымды бар бактым деп билемин,
Балдарымды айга-күнгө теңедим ,
Ата-энеге күйүмдүү бол, ар дайым,
Эл-журтуна тийсе деймин керегиң.

Балдарым бар бакыт кушум колумда,
Көнүлүм ток куштар сайрайт багымда.
Мартабабыз бийик болот дайыма,
Бак ээрчиткен балдарыбыз жанымда.

Эч убакта кайрылбасын канатын,
Келечектен көп нерсени саматын.
Балдарыма өмүр тилейм , бак тилейм,
Бүтпөй келет силер үчүн санатым.

Өмүр ширин өзөгүндө бакыт бар,
Балдарым бар жаркылдаган жакут бар.
Өнүп өсүп,өзгөрүлгөн өз дүйнөм,
Жан эргиткен жан дүйнөмө бакыт бар.

Бала жытын моокум канат искесем,
Жыттасам эс-учуман кетемин.
Жаратканга мин ыраазы боломун,
Балдарымдын келечегин кең берген.

СИЛЕРГЕ

Бакыт даамын бирге жүрүп татайын ,
Жакыныма жакшы ырды жазайын.
Силерсинер өмүрүмө шаң берген ,
Жүрөгүмдү силер үчүн ачайын.

Кыял сүрүп максатарга ашырып ,
Мезил кетти улам көздөн жашынып.
Силер барда бактылуумун асылдар
Жазайынчы жакшы ырымды ашыгып.

САГЫНУУ

Мамилен көнүлүмдү жарык кылды ,
Сездинби жүрөгүмдүн кагышыны.
Күн санап күтүп келем ошол күндү ,
Айланып алдына бир барышымды.

Аалам кезип алыстарга кетким келет ,
Уканда телефондон дабышынды.
Жараткандан жалбарып сурайт элем ,
Түбөлүкө мени менен калышынды.

Көрк бергенсийт ааламдын жарыктыгы,
Сезбептирмин азапка салышынды.
Жазамын сагындым деп катка улам,
Жанга тийди жолдордун алыстыгы.

БУЛ ААЛАМ

Кызык экен чынында эле бул аалам,
Жанылык көп жакшылыкты улаган.
Жаман сөзгө ичтен кейип өкүнүп,
Жакшы сөзгө жаш баладай кубаным.

Сен тарапка күндө барам ээлигип,
Түйгуларым тынчтык бербей теминип.
Татаал турмуш жазганына карабай,
Кээде утуп кээде калам женилип.

Кыялым жок купя сыр катканга,
Жоктон таап ишендирип айтканга.
Таң булбулу болгум келет дайыма,
Таңшып ырдап жүрсөм болду бакчанда.

БАР ЭКЕНСИЗ

Бар экенсиз мен сизге таазим кылам.
Жан дүйнөңүз кең экен аалам сыйган.
Көрүп турам сый артып улам-улам,
көтөрүлгөн зоболо-баркыңыздан.

Сыйыңызга чын дилден ыраазымын.
Айтпас жерден ачылып сыр акырын.
Көнүп барам негедир, жүрөк жылып,
көз карашка бүркүттөй кыраакынын.

Улуулукка ак пейил эңилгендей,
Урмат-ызат от болуп сезилгендей.
Алып учат негедир сезимдерим,
аппак сүйүүм бир сизге берилгендей.

СІЗДЕН ІЗДЕГЕМ

Сүю жайлы, шабыттарым сіз деген.
Махаббаттың, демін сізден іздегем.
Бәрін маған, береғой деп тілемей,
Сыр шертісіп, жүрсем болды сізбенен.

Сүртіп алып, таза сүю сиқырын,
Жан еріткен, жас қиялым тұр шыным.
Тәтті мейір, бал шылаған бейнедей,
Бал тәттіден, дәм таттырып тұрушы ең.

Сіз ұқсайсыз, жан сарайым дауасы,
Тыншым кетіп, еш бір маза қалмады.
Жаз таңындай, жадыраған көздерің,
Жан тәнімді, мәңгілікке арбады.

Авторы Жийдегул Исакова.
Аударған: Таңбаханұлы Қизат.

***

О, құдырет, неге бұлай жараттың,
Жоқ нәрсені бардай қылып санаттың.
Дүниені үйіп алып қолыма,
Тірліктен бейіш бар деп аңсаттың

Бейіш жолы, бейіш дейміз тағы да,
Жалған дүние кейде батар жаныма.
О, дүние жәннаты бар шын болса,
Өлім жақсы сыйлық демес шынында.

Өмір бітсе жер құшақтап жатасың,
Тым қараңғы, қара жерге батасың.
Кеткен болсаң дүниеден көз жұмып,
Білмейсіңғой бұл өмірдің қатасын.

Бұл пәниге бізде қонақ кетеміз,
Жинап байлық түбеселі нетеміз.
Өлместікке кепіл беріп қойғандай,
Ойланбаймыз қиял менен өтеміз.

Жазған: Жийдегул Исакова
Аударған: Таңбаханұлы Қизат

СЕЗДИНБИ

Сездинби сени гана күткөнүмдү,
Өрт коюп өзөгүмдү өртөдүнбү.
Өкчөлүп өмүрүмдүн сыноосуна ,
Каректен жылуу жашты сүртпөдүмбү.

Саргайып жалбырактай түшпөдүмбү,
Күтөм деп жоолугушчу ошол күндү.
Айларым жылга айланып бара жатты,
Көрдүнбү татаал тагдыр өктөмүнү.

Келсе дейм ошол күнүм кайталанып,
Калбасын үмүтөрүм талкаланып.
Түбөлүк сапар жолго чыгат элек,
Сүйүүнүн кемесини айдап алып.

ДҮЛӨЙ ДҮЙНӨ

Жанды көрдүм жан дүйнөсу уктаган,
Жашоосунун кызыгы жок укпаган.
Көзү көрүп турса дагы ааламды,
Ич дүйнөсүн сокур сезим курчаган.

Өтсө болду, күн кечкирип, таң атып,
Жүргөн сымал түз жолдордон адашып.
Кайрый албай канаттуу бул дүйнөнү,
Калгандар бар жан дүйнөсү адашып.

Сокур дүйнө дүлөй дүйнө карачы,
Баары окшош жүрөктөрдүн жарасы.
Көп нерсеге көздү жумуп жашайбыз,
Бүтпөй келет адамдын ой санаасы.

01.01.2922.

ДҮЛЕЙ ДҮНИЕ

Жанды көрдім жан дүниесі ұйқтаған,
Жастайынан қызығы жоқ ұқпаған.
Көзі көріп тұрсадағы әлемді,
Көкірегін соқыр сезім қоршаған.

Өтсе болды күн кешкіріп таң атып,
Жүрген бейне дүзу жолдан адасып.
Қайырылмай қанатты бұл дүние,
Қалғандар бар ақыл есі адасып.

Соқыр дүние, дүлей дүние қарашы,
Бәрі ұқсас жүректердің жарасы.
Көп нәрсеге көзді жұмып жасаймыз,
Бітпей келет адамның ой санасы.

Авторы: Жийдегул Исакова. 01.01.2022.
Аударған: Таңбаханұлы Қизат. 2023.04.20

ТУУЛГАН КҮНҮҢҮЗ МЕНЕН ХИЗАТ АГАЙГА

Кубанычты бирге журуп бөлүшкөн
Чыдамы куч бир чындыкты суйушкөн
Айбатуу да ачуусуна төп келип
Ай көлдугун даназаалап журушкон

Куттуу болсун агай туулган күнүңүз
Кубанычка толсун бүгүн жүзүңүз
Куттук айтып чын дилимен куттуктай
Шанга толуп турсун бүгүн үйүңүз

Бар болунуз бийик болсун зоболон
Эч жамандык болбосун дейм торогон
Агай дайым бар болунуз бийиксиз
Куттук айтып силер менен бир болом.

Хизат агай акындардын акыны
Акыл айткан алп акындын жакыны
Ыр которуп чет элдерге таанытkан
Хизат агай көтөрөлү баркынды.

Хизат агай туулган күнүнүз кут болсун
терен урматтым менен Жийдегул

ТУҒАН КҮНІҢІЗБЕНЕН ҚИЗАТ АҒАЙҒА

Қуанышты бірге жүріп бөліскен.
Шыдам күші тек шындықты сүйіскен.
Арынына дарыны да дөп келіп,
Кең пейілді, абыройлы жүріскен.

Құтты болсын ағай туған күніңіз,
Қуанышқа толсын бүгін жүзіңіз.
Арнау айтып шын жүректен құттықтап,
Шаттық нұрға тола берсін үйіңіз.

Аман болғын, биік болсын мәртебең,
Еш жамандық болмасын деп тілегем.
Ағай әр кез, бар болыңыз биіксіз,
Тілектес боп, бірге болам сізбенен.

Қизат ағай ақындардың ақыны,
Ақыл айтқан абыздардың жақыны.
Жыр аударып шет елдерге танытқан,
Қизат аға асырайық даңқынды.

Қизат ағай туған күніңіз құтты болсын. Үлкен құрметпен Жийдегул.

Авторы: Жийдегул Исакова; Аударған: Таңбаханұлы Қизат.

БАЛАМА

Пешенеме жалғыз бала біткені,
Жалғызымнан үлкен үміт күткемін.
Шыңға бойла кең көкірек балуаным,
Сен барлықтан мен жалындап күшті едім.

Жалғыз ұлым көкейдегі арманым,
Қиял кешіп, жақсы жырды арнадым.
Көп баланың орнын басып бір өзің,
Пешенеме аман болғын ардағым.

Бата тілеп, бір құдайдан жалынам,
Сен бар үшін қайғылардан арылам.
Әкең болған Ар-Намысты жақсыдан,
Жолын жалғап еліңе бол танылған.

Сүйенгенім, асқар тауым баламсың,
Асыл басың шын болаттан жаралсын.
Сен болған соң бағым асқақ білемін,
Аман болғын, бақытты бол қарағым.

Авторы: Жийдегул Исакова; Аударған: Таңбаханұлы Қизат.

ҚҰШАҒЫҢДА ҚУАНАМ

Сезімдердің әлемінде балқытқан,
Кемедейсің ерке тербеп қалқытқан.
Сен бар үшін бақытым зор әрқашан,
Керегі жоқ сенен маған артық жан.

Сені менен жан дүнием нұрланар,
Сенсіз маған кең дүние тар болар.
Еріп тұрад(ы) ет жүрегім елжіреп,
Көк аязда жан дүнием жаз болар.

Құшағыңда әйел сезім шаттанам,
Еш бір нәрсе сендей құмар тартпаған.
Сенің бейнең сенің тәтті сөздерің,
Жалын болып жүрегіме қартаған.

Авторы: Жийдегул Исакова
Аударған: Таңбаханұлы Қизат, Қазақстан

ЫНТЫМАГЫБЫЗ КҮЧӨСҮН

Ынтымактан ырыскыбыз термелип,
Жүрөлүчү колдоп жөлөп дем берип.
ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТАРГА шашылып,
Кошулгула, колдогула бир келип.

Ырыскыбыз кошо жүрүп бөлүшүп,
Жакын болсок кол алышып көрүшүп.
Ыр күржүнүн толтуралы келгиле,
Акыл насаат сөздөр менен бөлүшүп.
Ырыскылуу ыйман өссүн дагы да,

Бар болгула жакшылардын багына.
Күндөн күнгө көтөрүлсүн баркыбыз,
Тизилели ынтымактын сабына.

17.04.2023

ЖЕНИШ ҮЧҮН

Карч уруп журөктөрүн окко тоскон
Коркушпай согушкандан ,жалын оттон
Канчасын аман сактап жардам берип.
Канчасы каза болду учуп октон.

Аталар өз мекенин коргоп келген.
Дзотко журөк тосуп жанын берген.
Кашык кан калбаганча салгылашып
Мекенди коргоо үчүн антын берген.

Аталар бар болгула ардактуулар.
Женилбей келген канча таймашуудан
Мекен деп канча азамат окко учту
Эрдиги эскертлет биз сыйлаган.

Чындыкты айтам не керек,

Бу жериң өзү тегерек.
Жийдегүл кыздын жазганы,
Өзүнчө эле керемет.

Жер өзү чыны төгөрөк,
Суу тийсе чөбүң көгөрөт.
Жийдегүл кыздын ырлары,
Заңгырап турган эмерек.

Калеми анын курч экен,
Жаландап дайым турчу экен.
Тамаша азил жазганы,
Калемпир, пияз, мурч экен.

Болоттон экен үңгусу,
Бузулбайт экен бургусу.
Жийдегүл сындуу акындын,
Лира кыз экен курбусу.

Лиранын ырын укчу экен,
Жүрөккө бекем тутчу экен.
Ыр жазуу жактан Жийдегүл,
Баарынан билсең мыкты экен.

Багынтып жанын кыйланын,
Көкөлөй берсин ырларың.
Колуңа алып калем сап,
Жаза бер ырың турбагын.

Камчыбеков Буланбек
УРМАРАЛ.
Талас.

СЫР БОЯУ

Сырымның бір сыр бояуы төгіліп,
Қайрығанда санам санға бөлініп.
Дәл осында шешіп берші адамға,
Тұрса керек бар дүнием көрініп.

Мен осыны түсіне алмай жылағам,
Жаным кейіп ауырсынып сыздаған.
Түрлі ойлар мазалады тынымсыз,
Сыр түйіні тек шешілмей қинаған.

Өмір жолым қайта бастан парақтап,
Судай ағып, тастан тасқа далақтап.
Тағдырында кенін сүзген мұхиттай,
Өмір шіркін өзгермейді-ау бір-ақ та

Авторы: Жийдегүл Исакова
Аударған: Таңбаханұлы Қизат

ЫРДАН БЕЛЕК СУНАЛЫ

Биз сүйүүгө жарык чачып туралык ,
Кетсин бизден санаа менен кусалык.
Ыр арнашып ашыктыкты билдирип ,
Ырлоолонтуп ырдан белек суналык.

Жазылса экен жаны ырлар оргуштап ,
Бөксөө жерди ырлар менее толтурсак.
Кымбат болгон жаш куракты узаттып ,
Эч карыбас ырды сунуп олтурсак.

Ырлар менин кайрылбаган канатым,
Ырларым да айтылатго жаратым.
Түрмөктөлүп түркүн ойлор жазыла ,
Белек болуп жазылатго санатым.

АК ТЕРЕГИМ

Жазда гүлдөп кубандырган жеримди
Айткым келет АкТеректе элимди
Жазы дарыя жайлоо көркү укмуштуу
Жел сыяктуу жылуу болуп серпилди.

Кенен жайлоо атыр жытуу абасы ,
Гулдөр жайнап буркураган тааласы
тамшандырып суктандырат адамды
Шоро башат жайлоосуну карачы

Ак Терегим анкыган жыт берекем
Азык кылат ай-күнгө тенесем
Ак Терекгии айланайын айылым
Амандыкта жүрөгүмдө бол экен

КЫЯЛ

Күтөмүн асыл кечим аткан таңды
Бүгүнкү күнүн бакыт ошол баары
Өткөрүп жалгыз өмүр сүрүүдөмүн
Өксүткөн бул жашоого айла барбы ???

Көөдөндөн көлкүлдөгөн нурлан тамып,
Жакшы күн эсте калат узап барып
Толукшуп толуп турган толкун сымал
Мезгилди кыялыма байлап алып

Эх жашоо жыргалына батып алып ,
Кареке карегинди катып алып
Орунсуз ойлор менен бара жатам
Сезилет дүйнөн түшкүр эми тарып.

БИЗДИН СЫРЛАР

Кыз:

Такыр көрбөйм жаманыңды жашырам,
Кыялымда бир болууга ашыгам.
Сезимимди айта албай ачыктап,
Сырдуу болду сыр сандыкка катылган.

Жигит:

Кандай айтсам колдоп дайым турасыз,
Эртели-кеч сүйүү саптар курасыз.
Катып жүрбөй чыгарыңыз сырыңды,
Айта албай жүргөн болбос чыныңды.

Кыз:

Тартуу кылсаң ыр түрүндө сезимди,
Сүйүү бардай бир өзүмө сезилди.
Жап жаш болуп толкундана кубанам,
Эске салба сен секелек кезимди.

Жигит:

Байкадыңбы сүйүү барын сабымдын,
Бааладыңбы жазган ырым асылым?
Бир болбосок жалган үшул өмүрдө,
Болгум келет чын дүйнөдө көңүлдө.

Кыз:

Аттиң арман кырча тиштеп эринди,
Уксаң боло асыл менин кебимди.
Алтын жиптен улап бердиң үмүттү,
Билбей келем сага эмне дээримди.

Чогуу:

Жолугушуу алысбы же жакынбы,
Биздин бакыт кайда барып жашынды?
Жолу болбос түн уйкунун ээси деп,
Жүрөгүмө жазып койду атыңды.
Биздин сүйүү кала берет ырларда,
Арман толгон биздин үшул саптарда.

Жийдегул Исакова & Жумалы Хасан Осмоналиев

КАЙДА КАЛДЫ

Аттиң десен өтүп кеткен жаш курак,
Уян мүнөз азоо болгон бала элек.
Кирпигиме бекитмекмин баарысын
Көөдөндөрдөн киргилт мүнөз таба элек.

Ошол кезде эстегенде сүйүнөм ,
Аруу сезим тазалыктар сезилген ,
Тунук болуп көл сыяктуу көлкүлдөп ,
Эстегенде элестетип күнүмөн.

Көктө жылдыз ,жымындашат жай гана ,
Сырдашкандай сырдуу болгон айлана.
Көбүн эсе унут кылып баратат ,
Көнүлдөрдү калпка салып жайгара.

Кайда эми балалыктын ак таны ,
Кайрат берип ошол күндүн ак таңы.
Көздө күчүн белден кубат кеткенде ,
Эстегенде жаш төгүлө баштады.

КУРУЛБАГАН ГҮЛЗАР

Сагынып ал сүйүүнү күтүп келем,
Саргайган жалбыраktай куурайт белем.
Соолутпай гүлзарымды аздектечи,
Сүйүүнүн гүл бакчасын курбайт белек.

Көп гүлдөн бир өзүңдү тандайт элем,
Кучактап моокум кана жыттайт элем.
Көөдөндө көп нерсени айтылбаган,
Көңүлсүз күндөрүмдү сызбайт белем.

Саймалап кол жоолукка атың жазып,
Сүйүүнүн күчү бизди кылды карып.
Саматып бирибизге бирибизди,
Жеткирбей неге анча алдың тосуп?

Эх сүйүү жалган белең,
Эзгилеп бүтөт белең?
Эстетип кайра кайра,
Эсиме сала берген.
Эскирген сүрөттөрдөй,
Элестеп кала берген.

Жийдегул Исакова & Жумалы Хасан Осмоналиев

ӨТӨТ ӨМҮР

Жер астында жатабыз тепселене,
Көнүл деле бурулбай эч нерсеге.
Толуктайбыз катарын маркумдардын,
Жаман экен өлүмдү эстеген ээ.

Эстегенде жүрөгүм абдан ооруп,
Бара жатат үзүлбөгөн үмүт соолуп.
Кең ааламда тар болуп сезлетго,
Кээ күндөрү көнүлүм ыйга толуп.

Кайрылбаган сапарга аттанбыз,
Түбөлүктүү уйкуга баш багабыз.
Байлык дүйнө жыйылган акчан да жок,
Бир кепинге оролуп биз турабыз.

ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Сонун үйлөр алмашылат үңкүргө,
Бир заматта ойлор учат таң калба.
Ажал келип торойт сенин жолуңду,
Алың жетпей каласың сен түртүүгө.

Сонун жашоо алмашылат башкага,
Каймактанган кара жерге батканда.
Боору кенен баарыбызды жашырган,
Ошол жериң түбөлүктүү жатканга.

Көзүң тоёт топуракка чөмүлүп,
Сен жатасың эл катары көмүлүп.
Таразалап коёт экен тагдырлар,
Кылган ишиң бир кудайга көрүнүп.

Оо жараткан тозогуңан сактагын,
Кыйноо деген китепчеңди ачпагын.
Бир берилсе түбөлүккө бейишиң,
Баарыбызды ошол бакка таштагын.

Гүл аралап мээрим чөбүн терели,
Сен улуксуң суранамын бер эми.
Өзүмө эмес өзгөгө да суранам,
Бейишиңе чогуу бирге кирели.

Ат көтөргүс сыноо менен сынадың,
Адамдарды бай,кедей деп ылгадың.
Кээ бирөөгө атак берип,даңк берип,
Кээ бирөөнүн арман,дартын тандадың.

Жаратканым ыйлап жазам ырымды,
Көз жашыма чыгарамын бугумду.
Канча күнөө кылсам кечир,өтүнөм,
Буза көрбө сымбатымды,сынымды.

КЕЛЕГОЙ

Жыпар жытың келет дайым өрлөгөн,
Эмне бар дейсин башка салса көрбөгөн.
Келет деген үмүт менен жашаймын,
Ыр дүйнөмдү өзүн мен өткөрөм.

Мүдүрүлбөй тайбай мага келегой,
Татуу сезим ырахатын берегой.
Кол кармашып гүлзарымда жүрөлү,
Баа жетпеген күндөрүмдө калат ой.

Жүрөгүмдө ордун бийик дайыма,

Мен жактырган Алп акыным бологой
Ай сүйүүдөн "Айкел"салып орнотуп,
Ошол болсун түбөлүктүү асыл ой.

АРУУЛАШЫМ ИЙГИЛИКТЕР КОШТОСУН

Ийгиликтер коштоп келип сүйүнтүп
Кубанычта көөдөн жарган кези экен.
Кубатташып улуу кичүү баарысы,
Жакшылыкка кызыр өзү жар экен.

Кубанышып аруулаштар нечени
Көрк беришти көрктөндүруп кечени.
Акын болуп алга чыгып талпынып,
Сый урматта сыймыктанып өтөлү.

Жаркыратып көкүрөккө тагынып,
Эсте калаар өткөн күндөр асылдар.
Ийгиликтер баары бизге багынып,
Куттукташып гүл арнады жакындар.

Төш белгилер жаркыраса төшүндө,
Жылдыз жанат маанай жарык көзүндө.
Кубат берип бүт айлана суктанып,
Жумшак шамал беттен сылайт көшүлө.

СЫНАККА:

КЫЗ ТОЙГО, ЖАР - ЖАР

Ак тилектер орундалсын той бүгүн жар - жар,
Ак баталар кабыл болсун тийип күн жар - жар.
Башыңардан бак кетпесин күмүшүм жар - жар,
Ак маралга тең келет го жүрүшүң жар - жар.

Кызым, кызым татынакай берекем жар - жар,
Учук улаар келечегим бол эсен жар - жар.
Ай монгогум телегейиң келишкен жар - жар,
дайым сени жандап жүрсүн периштең жар - жар

Ак батасын бүгүн элдер беришсин жар - жар,
Ошол менин тилегеним жемишим жар - жар.
Бактылуу бол, батымдуу бол жарыгым жар - жар,
Жашоодогу ошол сенин жеңишиң жар - жар.

Жакшылыкта бак турмушуң көрөйүн жар - жар,
Ай жүзүңдөн ай мончогум өбөйүн жар - жар.
Өмүрлөшүң бек кармашып колуңар жар - жар,
Түбөлүктүү болсун жашоо жөлөгүң жар - жар.

АЯЛДАР

Жакшы аял бар кайгыңды билип турат,
Үйгө келсең аш сунат күлүп турат.
"Келиңиз" - деп жакшы сөз арнап турат,
Жакшы сүйлөп кабагы жайнап турат.

Жакшы аял бар кеселиң тосуп турат,
Жаман аял ооруңду кошуп турат.
Жакшы аял кадырың сезип турат,
Жаман аял кендириң кесип турат.

Жакшы аял күйөөсүн ийип турат,
Жакшысын да жаманын билип турат.
Жаман аял ачууңа тийип турат,
Ажылдашып үйүндө үрүп турат.

КҮТҮҮ

Сездинби сени гана күткөнүмдү,
Өрт коюп өзөгүмдү өртөдүнбү.
Өкчөлүп өмүрүмдүн сыноосуна ,
Каректен жылуу жашты сүртпөдүмбү.

Саргайып жалбырактай түшпөдүмбү ,
Күтөм деп жоолугушчу ошол күндү.
Айларым жылга айланып бара жатты ,
Көрдүнбү татаал тагдыр өктөмүнү.

Келсе дейм ошол күнүм кайталанып ,
Калбасын үмүтөрүм талкаланып.
Түбөлүк сапар жолго чыгат элек ,
Сүйүүнүн кемесини айдап алып.

ДОСКО

Кубанычты бирге жүрүп бөлүшкөн.
Чыдамы күч бир чындыкты сүйүшкөн.
Айбатуу да ачуусуна төп келип.
Ай көлдүктү даназалап жүрүшкөн.

Достун досу сырынды бекем сактаган.
Кээ бир кезде мактоосунан ашпаган.
Кен пейли таза жүрөк жүрүшүү.
Жаманында алыс болуп качпаган.

Колдон келсе жардамыны аябайт.
Жардысынбы байлыгына карабайт.
Баарысына тегиз кылган мамилен.
Ошол досун негизгиси бааланат.

Ачуу айтып жан кейитпейт эч качан.
Сен бар үчүн мен ошого мактанам.
Достугубуз үзүлбөсүн түбөлүк.
Бар бол дайым бар бол дайым ар качан.

АНАРКАН ЭЖЕКЕМЕ

Ак элечек башынызга жарашкан,
Эл суктанып сыймык менен карашкан.
Сизди көрүп энекемди көргөндөй
Мээрине сүнгүп кирип баратам.

Оо эжекем мага абадан жактыныз,
Ажарлаган аппак таза жүзүнүз.
Ак элекчек түшпөй баштан дайыма
Кызыр колдоп ,кызык өсүр сүрүнүз.

Ак элечек башка ороп бердиниз,
Жакшы айтып кенеш насаат кебиниз.
Унутулнус ушул мүнөт убакыт
Апакемдей таза мээримини бердиниз,

Амандыкта дайым бирге жүрөлү,
Жакшылыкты бирге болуп көрөлүү.
Сыймыктанып сиздей эже таптым деп,
Аз өмүрдө жакшы күндү сүрөлүү.

КУТТУУ БОЛСУН

Куттуу болсун аял заты жалпыңар,
Күндөн күнгө көтөрүлөт баркыңар.
Майрамдардын эң улугу келгени,
Куттуу болсун сегизинчи мартынар.

Аял затын байкап жүрөм бийиктен,
Таазим кылам башты ылдый ийип мен.
Аял сүйүү, аял жаз, аял назик,
Баркыңарды баалайынчы билип мен.

Аялдар бар ачык болот асманым,
Аял үчүн жазылатго дастаным.
Аял баатыр аял чексиз дүйнөдө,
Мен да аялмын канча ашуу баскамын.

ОШОЛ СЕЗИМ

Көп ыйлаган жашык адам сыяктуу,
Көз жашымды төккүм келди кыязы.
Жүзүмдөгү ачуу жашым сызылып,
Жүрөгүм да кансырады сыягы.

Кайчылашат нечен тагдыр тактары,
Кыя басып жактырбадым башканы.
Таттуу сезим, бизде болгон махабат,
Түбөлүккө калар ошол таптагы.

Аттиң өмүр өзгөрбөчү өрүңдө,
Толсоң толуп чайпалганда төгүлбө.
Күү- шаа болуп желпигенде муздак жел,
Сөөгүң ооруп сыздагандай көрүнбө.

БААТЫР ЖИГИТ

Баатыр жигит мекеним деп ант берип,
Ала жатты көп душманды тап берип.
Жарылгычын жардырыптыр жалтанбай,
Мекен үчүн эрдик менен жан берип.

Туткундалды рахмончулар кармашты,
Билди баатыр жерге башты салбашты.
Баатырларча жанын берди эр жигит,
Берген экен кудай эркти, айбатты.

Мекен дешкен азаматтар бар болсун,
Энелердин ак батасы жар болсун.
Ушул кезде ушул мүнөт саатта,
Балдарыбыз элдеribиз сак болсун.

КАЙДАН КЕЛДИ КАНКОРЛОР

Ачылып тажиктерге чектен эшик,
Аталдың тажик атуу баары фашист
Эх жашоо тынч койбоду көр тиргилик,
Кеткенсийт тажик эли болуп нацист.

Тынч жаткан калын элге булук салып,
Курбаны болду жоокер башын уруп.
Жаш өмүр бей күнөөлөр көздү жумду,
Ызаама чыдай албай турам кызып.

Булар не? канкор адам жегичтерби,
Көзүнөн кан акса экен тажиктердин.
Жыланач бала жатат окко учуп,
Көрсө да жүрөк ооруп кейишпеди.

Тажиктер кайдан чыкты, кайдан келди,
Кыйнады карапайым кыргыз элди.
Коркушпайт кудай берсин жаазаларын,
Атышкан түн жамынып теребелди..

Жоголсун жерибизден кетсин кырсык,
Ызаалуу Баткен элин эстеп турдук.
Сынбагын күчтүү болгун алга элим,
Бет келген душманыңы катуу уруп.

ӨКҮНҮЧ

Өзүндү эстеп ааламды кезип издегемин,
Кантейин жаным сагыныч дартын сезбесен.
Кайрылбас болсон таш боор болсон кантейин,
Тагдырга жазса жакшыга менда кездешем.

Кайгырбайм эми ,тамызбайм көздө жашымды,
Өксүткөн өмүр суз тартып изин жашырды.
Көбү көрдүм көнүлгө толбойт баарысы,
Түң сүйүүм элен жазайын кайра катымды.

Байладын жипсиз аттыго. чиркин жебесиз,
Армандуу түнгө жашынып кайдан келесиз.
Гүлүндү жыттап ыр менен айтам арманды,
Өлбөстүк үрөөн өмүргө кайра себесиз.

КУБАЛАШКАН КҮНДӨРҮМ

Кубалашкан күндөрүм жаңысы улам,
Кымбат өмүр көңүлүм баарысынан.
Өткөн күнгө өкчөлүп турабыз го,
Сездим окшойт жүрөктүн кагышынан.

Кубалашкан күндөрүм чууруулушкан,
Жакшы күндү мен эстеп турам улам.
Өмүр деген карачы кандай таттуу,
Күн алмашса көркүнө кубулушкан.

Кубалашкан күндөрүм кандай сонун,
Ойлор учат аттиң ай жетпес колум.
Ар бир күнүм мен үчүн табышмактуу,
Барктайлычы кызыктуу жашоо жолун.

11.08.2023.

ҰЛЫ ЕЛМІЗ

Елім менен мақтанамда шаттанам,
Ата мирас, дәстүр салтын сақтаған.
Ақ көңілді жомарттығы жағынан,
Тең келмейді қырғызыма басқажан.

Тектілікті ұзағынан қалдырған,
Ұлы елміз ар намысы бай тұрған.
Жалындаған жүрегінде жалы бар,
Желбіретіп көк аспанға жайылған.

Разымын қырғыз болып келгенге,
Ақ жаулықты басымызға бергенге.
Ақ қалпағын қгрмет тұтып ежелден,
Ұлдарына мұра қылып бергенде.

Құтты болсын қырғызымның мейрамы,
Ар насымты ұрпағының бар қаны.
Қырғыз үшін жаны қылыш ұшында
Ұлы Манас ұрпақтары андағы.

Қайда жүрсем бауыр басам өзіңе,
Мақтана алам қырғыз деген сөзіме.
Бірлік үшін бар әлемді бағынтқан,
Ынтымақ бол, ұйық елім бөлінбе.

Авторы: Жийдегул Исакова.
Аударған: Таңбаханұлы Қизат.

КӨЛ ТОЛКУНУ

Көкмөк болуп айланага нур чачып,
Соккон шамал көл бетине урунат.
Көтөрүлүп жээкти карай чайпалып,
Алды артынан майда толкун чубурат.

Көл жээгинен терең гана деп алып,
Көлгө карап көөдөндөн ыр жаралып.
Көлүм менин ыйык көрөм баарынан,
Саамай чачым көл желине таралып.

Аттиң укмуш щарпылдаган добушу,
Кооз экен Тосор деген конушу.
Мейман досту бийик кармап ар бири,
Кубандырат шайыр шатман болушу.

Көл жээтеп эки - экиден ээрчишкен,
Жаштар жүрөт сүйүү даамын сезишкен.
Кайран көлүм баарын көрүп баа берип,
Ар биринин ич арманын эшиткен.

Кээде толкуйт, кээде тынчтык көлүмдө,
Ойноп учат ак чардактар төрүндө.
Дастан кылып жазсаң болот көлүмдү,
Жымжыр болгон Ыссык-көлдү көргөндө.

Койну кенен, баарын жутат өзүнө,
Ыйлады дейм, аппак болуп көбүрсө.
Жаш балача эркелешет кээ күнү,
Сырын айтат, жер энеге көбүнчө.
Көлдөй баатыр көлдөй айкөл болобу?

Мазмуну:

ӨРГӨ КАРАЙ ЧАБЫТТАГАН ЧЫНЫГЫ ТАЛАНТ ... III
ЖИЙДЕГҮЛ ИСАКОВА ... 3
КЫЯЛГА ЖЕТЕЛЕНЕМ ... 7
БАР ЭКЕНСИЗ ... 8
АК ЖАМГЫР ... 9
БАА БЕРЕМ ... 9
САКТА КУДАЙ ... 10
МЕКЕН ЧЕГИНДЕ ... 10
АКЫМ БАР ... 11
АТАМДЫ МЕН ЭСКЕРИП ... 12
ИЙИЛДИМ ... 12
БОЙДОК ЖИГИТ ... 13
МЕНДЕ БАР АРМАН ... 14
СОКУР ЭНЕ ... 15
КУЧАГЫҢДА КУБАНАМ ... 15
КЫЗГАНАМ ... 18
КЫЯЛДАРЫМ ... 18
АТАКЕМ АПАМ САГЫНАМ ... 19
БАКЫТЫМ СЕН ... 20
БИЙИГИМСИҢ ... 20
ЖАШТЫГЫН ЖОГОТКОН ЭНЕ ... 21
ЖАН ДҮЙНӨМ ... 22
КЫЯЛЫМДА ... 22
ПЕШЕНЕСИ ПЕНДЕНИН ... 23
ЭНЕ МЭЭРИМИ ... 24
КҮТТҮРГӨН СҮЙҮҮ ... 25
ТАГДЫР ЖОЛУ ... 28
КЕЛЕСИҢБИ ... 28
СИЛЕР БАРДА ... 29
ТҮШҮМДӨСҮҢ ... 30
САЯПКЕРИМ ... 30
БАКЫТТЫН КУШУН УЧУРДУК ... 31
ЭСТЕЙМ СЕНИ ... 31
СУЛАЙМАН ТОО ... 32
... 33

СЕЗДИҢ БЕКЕН 33
ЗАЛКАР АКЫН 34
ОМОР СУЛТАНОВДУН ЭЛЕСИНЕ 35
БАЙКАБАПМЫН 35
ЖИЙДЕШ 36
МЕЙЛИ ДЕЙМ 37
ЖАШОО КЫЗЫК 38
ОРУН БАР 39
СЕН ДЕСЕМ 39
КАРЕКТЕГИ СЫРЛАР 40
ЭРГҮҮ ЖОК 41
ЖАШОО 42
ЖҮРӨГҮҢӨ КИРГИМ КЕЛЕТ 42
ЭНЕЛЕР БАР БОЛУШСУН 43
МЕЗГИЛ УЧАТ 45
ЖЕТИ ДУБАН ӨНӨРПОЗДОРУ 45
УНУТУУ КЫЙЫН БОЛДУ 46
АК МӨӨР 47
ЖАШ ЭЛЕК 49
УКЧУ 50
ЭНЕ КАДЫРЫ 51
АЛТЫМЫШТАН АШКАН АКСАКАЛГА ПАРОДИЯ 53
АЖАЛ КЕЛСЕ 54
МЕЙЛИ ДЕЙМ 55
ТАКАЛБАСЫН СЕЗИМДЕР 55
УЛУУ ЭЛБИЗ 56
ОРУН БАР 57
СЕН ДЕСЕМ 57
КАРЕКТЕГИ СЫРЛАР 58
ЭРГҮҮ ЖОК 59
ӨМҮР КАЙТАЛАНБАЙТ 60
АЯЛ 60
ОШОЛ КҮН 61
ШАМ ЧЫРАК 62
ОН ЖЫЛДЫККА 62
АЛТЫМЫШТАН АШКАН АКСАКАЛДЫН ПИКИРИНЕ ПАРОДИЯ 63


МЕНДЕ БАР АРМАН 64
ЖАЙЫЛ БААТЫРГА АРНООО 65
УРМАТ СЫЙДЫ ЫЙГАРДЫМ 66
БИР СӨЗ 66
СЕНДЕЙ ЖАНГА ТУШ БОЛДУМ 67
ЖҮРӨГҮМӨ ДАРЫ БОЛЧУ 68
ЖҮРӨК ЖАНАТ 68
МАЙЫП КӨРДҮМ 69
ЧЕКИТ КОЙБО 70
СЕНИН ОРДУҢ 71
ЖАН ДҮЙНӨМ 71
КЫЗМАТЫМ ЫРЫМА 72
ЫЙМАН 72
БИР КҮН ӨЧӨӨР 73
ЧАРЧАДЫМ 74
НУРМАМАТ КАПАРОВИЧКЕ 75
КЕТПЕЙМ СИЗДЕН 76
САГЫНЫЧ 77
ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ 78
КУЧАГЫҢДА КУБАНАМ 78
МЕЗГИЛ УЧАТ 79
ЖОЛУГУШТУК ДАЛЕ БЕКИНИП 79
ТЕҢЕЛБЕ 80
ТААРЫНЫЧ 81
ЖИЙДЕГУЛ ИСАКОВАГА 81
АК ЖААН 82
ЖООЛУК МАЙРАМЫБЫЗ КУТТУУ БОЛСУН 83
КЕТПЕЙМ СЕНДЕН 83
ЧЕК КОЙДУМ 84
ӨКҮНҮЧТҮҮ КАРЫЛЫК 84
ЖАЛПЫДАН 85
КӨПӨЛӨК БОЛГУМ КЕЛДИ 86
БАКТЫЛУУ КҮНҮМ 87
БААРЫ СЕНСИН 87
ТУУЛУП ӨСКӨН ЖЕР 88
СООЛУБАСЫН 89

КӨӨДӨНДӨГҮ БУРГАНАК 89
ЖАШОО 90
КЫМБАТЫМ 91
САГА БАРАМ 91
КАТ ЖАЗАМ 92
САГА 92
КЫЗГАНАМ 93
СЕНИ ДЕСЕМ 93
БАГЫТ 94
ТААРЫНБА 94
СИЗ БОЛДУҢУЗ ТАНДАШЫМ 95
ЭЛ СЫЙЛАГАН БААТЫР 96
ЖАЛГЫЗЫМ 97
КОЛДОСУН КУДАЙ 97
ТАГДЫР ЖОЛУ 98
НООРУЗ 99
НООРУЗ 100
СЕКСЕНГЕ ЧЫККАН АЯЛДЫН КЫЯЛЫНА ПАРОДИЯ 100
КҮТӨМ СЕНИ 101
ЖАШОО 102
БААРЫ МЕНМИН 102
ИЗДЕП КЕЛДИМ 103
БАЛАМА 104
ЖАЙ МААНАЙ 105
ЭҢСЕП СЕНИ 105
АТАКТУУ АЛАЙ ЖЕРИМ БАР 106
КЫРГЫЗ КАЛКЫМ 107
ИЗДЕП КЕЛДИМ 108
БЕЙ КАПАР 108
БАЛДАРЫМ 109
СИЛЕРГЕ 110
САГЫНУУ 110
БУЛ ААЛАМ 111
БАР ЭКЕНСИЗ 111
СІЗДЕН ІЗДЕГЕМ 112
СЕЗДИНБИ 113

ДҮЛӨЙ ДҮЙНӨ 114
ДҮЛЕЙ ДҮНИЕ 115
ТУУЛГАН КҮНҮҢҮЗ МЕНЕН ХИЗАТ АГАЙГА 115
ТУҒАН КҮНІҢІЗБЕНЕН ҚИЗАТ АҒАЙҒА 116
БАЛАМА 117
ҚҰШАҒЫҢДА ҚУАНАМ 118
ЫНТЫМАГЫБЫЗ КҮЧӨСҮН 118
ЖЕНИШ ҮЧҮН 119
СЫР БОЯУ 121
ЫРДАН БЕЛЕК СУНАЛЫ 121
АК ТЕРЕГИМ 122
КЫЯЛ 122
БИЗДИН СЫРЛАР 123
КАЙДА КАЛДЫ 125
КУРУЛБАГАН ГҮЛЗАР 125
ӨТӨТ ӨМҮР 126
ЖАЛГАН ДҮЙНӨ 127
КЕЛЕГОЙ 128
АРУУЛАШЫМ ИЙГИЛИКТЕР КОШТОСУН 129
КЫЗ ТОЙГО, ЖАР - ЖАР 129
АЯЛДАР 130
КҮТҮҮ 131
ДОСКО 131
АНАРКАН ЭЖЕКЕМЕ 132
КУТТУУ БОЛСУН 133
ОШОЛ СЕЗИМ 133
БААТЫР ЖИГИТ 134
КАЙДАН КЕЛДИ КАНКОРЛОР 134
ӨКҮНҮЧ 135
КУБАЛАШКАН КҮНДӨРҮМ 136
ҰЛЫ ЕЛМІЗ 137
КӨЛ ТОЛКУНУ 138

Терүүгө 05.07.2023.Берилди.
Басууга 05.09.2023. кол коюлду.
Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60*84 1/16 Нускасы 300.

“Рекламир” басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Тоголок Молдо к.60а.
+996550664454; +996704664454



КУБАЛАШКАН КҮНДӨРҮМ

Кубалашкан күндөрүм жаңысы улам,
Кымбат өмүр көңүлүм баарысынан.
Өткөн күнгө өкчөлүп турабыз го,
Сездим окшойт жүрөктүн кагышынан.

Кубалашкан күндөрүм чуурулушкан,
Жакшы күнду мен эстеп турам улам.
Өмүр деген карачы кандай таттуу,
Күн алмашса көркүнө кубулушкан.

Кубалашкан күндөрүм кандай сонун,
Ойлор учат аттиң ай жетпес колум.
Ар бир күнүм мен үчүн табышмактуу,
Барктайлычы кызыктуу жашоо жолун.